ЖОГОРКУ КЕҢЕШ

# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессия мезгилиндеги иши жөнүндө отчет

(2022-ж. сентябры – 2023-ж. июну)



# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессия мезгилиндеги иши жөнүндө отчет (2022-ж. сентябры – 2023-ж. июну)

VII чакырылыш
2-сессия

ISBN

## МАЗМУНУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
Төрагасы Н. Шакиевдин кириш сөзү .................... 6
Жогорку Кеңештин фракциялары /топтору/депутаттары* .................... 8
Жогорку Кеңештин комитеттери .................... 10
Жогорку Кеңештин убактылуу депутаттык комиссиялары .................... 12
Депутаттар жөнүндө маалымат .................... 14
Жогорку Кеңештин ишинин жыйынтыктары жөнүндө маалымат .................... 16
Мыйзам долбоорлорунун кыймылы жөнүндө маалымат .................... 18
Жогорку Кеңештин токтомдору жөнүндө маалымат .................... 19
Жарандардын Жогорку Кеңешке кайрылуулары .................... 20
Жогорку Кеңештин Төрагасына кайрылуулар .................... 21
Фракциялардын/топтордун жыйналыштары .................... 22
Фракциялар/топтор/депутаттар* өткөргөн иш-чаралар .................... 22
Жарандардын фракцияларга/топторго/депутаттарга* кайрылуулары .................... 23
Жарандарды кабыл алуу .................... 26
Депутаттык суроо-талаптар .................... 28
Комитеттер өткөргөн иш-чаралар .................... 30
Жарандардын комитеттерге кайрылуулары .................... 31
Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзамдар .................... 34
Комитеттер тарабынан каралган маселелер .................... 34
Мыйзамдардын жана токтомдордун аткарылышын контролдоо .................... 36
Парламенттик угуулар жөнүндө маалымат .................... 37
Протоколдук тапшырмалар боюнча маалымат .................... 38
Коомдук-консультативдик кеңештер .................... 39
Кабыл алынган мыйзамдар жөнүндө кыскача маалымат .................... 42
Жогорку Кеңештин парламенттер аралык кызматташтыгы .................... 80
Жогорку Кеңештин Төрагасынын чет өлкөлүк меймандар менен жолугушуулары .................... 81
Жогорку Кеңештин парламенттер аралык уюмдар менен кызматташтыгы .................... 81
Жогорку Кеңештин Төрагасынын чет өлкөлөргө сапарлары жана жолугушуулары .................... 82
ЖМК менен өз ара кызматташуу .................... 84
Жогорку Кеңешке экскурсиялар .................... 85
Жогорку Кеңештин сайты .................... 85
Жогорку Кеңеш социалдык тармактарда .................... 85

..



**Нурланбек ШАКИЕВ**
Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин Төрагасы

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин VII чакырылышы өзүнүн кезектеги экинчи сессиясын аяктап, үчүнчү сессиясын баштап жатат. Ушул мезгил аралыгында калктын, коомубуздун суроо-талабына ылайык абдан керектүү жана олуттуу мыйзамдарды, чечимдерди кабыл алууга жетиштик. Алар, негизинен, улуттук иденттүүлүктүн уңгусун түзүүчү мамлекеттик тилди өркүндөтүү, Элдик Курултайдын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу, өлкөбүздүн экономикасын чыңдоо, анын ичинде айыл чарбасынын жана өндүрүштүн артыкчылыктуу багыттарын өнүктүрүү, автомобиль өндүрүшүн жолго салуу, энергетикалык коопсуздукту бекемдөө, чакан жана орто бизнести колдоо, калкты социалдык турак жайлар менен камсыз кылуу, адамдардын ден соолугун сактоо жана экологияны коргоо, жол коопсуздугун камсыздоо сыяктуу орчундуу маселелерге багытталгандыгын белгилеп кетким келет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына Жогорку Кеңештин Регламентин шайкеш келтирүү, парламенттин ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу тартибин жана жол-жоболорун жакшыртуу аркылуу Президент, Министрлер Кабинети, мамлекеттик, муниципалдык, сот жана башка органдар менен натыйжалуу иштөөбүзгө ыңгайлуу шарт түзүлдү.

Учурда парламент ар кыл саясий күчтөрдү бириктирген парламенттик фракциялары, депутаттык топтору, бир мандаттуу шайлоо округдарынан шайланган депутаттары аркылуу калктын бардык катмарларынын мүдөөлөрү, көйгөйлөрү билдирилүүчү, талкууланууучу жана кечиктирилгис чечимдер кабыл алынуучу, макулдашуучу аянтча болуп калды. Эл өкүлдөрү эгемен мамлекетибизде жүргүзүлүп жаткан ички жана тышкы саясат, тигил же бул маселелер боюнча өз позицияларын ачык-айкын билдирип, демократиялык коомду курууга жигердүү салым кошууда.

Натыйжада, экинчи сессия мезгилинде Жогорку Кеңеш тарабынан 73 пленардык жыйын өткөрүлүп, 226 мыйзам, 950 токтом кабыл алынды. Башкы прокурордун, Улуттук банктын жана Эсептөө палатасынын төрагаларынын ар жылдык отчетторун, Акыйкатчынын жана Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбордун директорунун ар жылдык баяндамаларын укту.

Жарандардан келип түшкөн 12952 кайрылуу каралды, шайлоочулар менен 11791ден ашуун жолугушуу, 31 парламенттик угуу, конференциялар, тегерек үстөлдөр жана парламенттер аралык кызматташтыктын алкагында 39 жолугушуу уюштурулуп, өткөрүлдү.

Ушуну менен бирге, Жогорку Кеңештин экинчи сессиясынын иш мезгилинде 8 убактылуу депутаттык комиссия түзүлүп, алардын ичинен мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү, катуу калдыктарды кайра иштетүүчү завод курууга кредиттик жана гранттык каражаттарды максаттуу пайдалануу, алтынды казып алуу жана сатуу боюнча “Кумтөр Голд Компани” ЖАКтын ишин, кесиптик бирликтердин ишин иликтөө боюнча түзүлгөн убактылуу комиссиялардын иштери жыйынтыкталды жана тиешелүү чечимдер кабыл алынды.

Мында биздин депутаттардын шайлоочулар, аткаруу бийлигинин органдары, жарандык коомдун, бизнес коомдоштугунун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүүлөрү, тыгыз байланышта болуусу парламентте көтөрүлгөн көйгөйлүү маселелердин натыйжалуу чечилишине түрткү берди. Ошондой эле, эл өкүлүнө кесипкөйлүк, терең талдоочулук жөндөм жана өзүнө дайыма сын көз менен карай билүү сапаттары зарыл экендиги байкалды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө» Жарлыгынын алкагында Жогорку Кеңеште парламенттин ишин ачык-айкын жана ыкчам жүргүзүү максатында мамлекеттик мекеме, уюмдар аралык электрондук документ жүгүртүү системасы ишке киргизилип, ийгиликтүү колдонулууда.

Мамлекетибизде конституциялык түзүлүштү, саясий-экономикалык туруктуулукту чыңдоо, өлкөдө сот-укуктук реформаларды күчөтүү, эл аралык кызматташтык жаатындагы мыйзамдарды чыгаруу жогорку өкүлчүлүктүү органдын күн тартибинде дайыма туруп келет. Ушуну менен бирге укук үстөмдүгүн орнотууга, социалдык маселелерди убагында чечүүгө өз ыйгарым укуктарынын чегинде контроль жүргүзүү милдеттери да мойнубузда экендиги белгилүү.

Жакында Жогорку Кеңештин түзүлгөнүнүн 85 жылдыгына карата маараке өткөрүү мерчемделип жатат. Узак, даңктуу тарыхы бар мыйзам чыгаруучу жогорку өкүлчүлүктүү органдын кабыл алган мыйзамдары, чечимдери элдин бакубат жашоосуна бараандуу салым кошот деп ишенебиз. Бул багытта Жогорку Кеңеш институционалдык жактан өнүгүүгө жол ачып, кесипкөйлүк менен, заманбап иш жүргүзүүсү - мезгил талабы.

Сессиялык мезгил ичинде талыкпай, жоопкерчилик менен иш жүргүзүшкөн Жогорку Кеңештин фракцияларына, депутаттык топторуна, депутаттарына, комитеттерге, парламент менен кызматташкан аткаруу бийлигинин органдарына, сот бийлигинин органдарына, жарандык коомго, жалпыга маалымдоо каражаттарына терең ыраазычылык билдирем.

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ФРАКЦИЯЛАРЫ/ ТОПТОРУ/ ДЕПУТАТТАРЫ*

«Ата-Журт Кыргызстан» фракциясы – 20 депутат, алардын ичинен 5 депутат бир мандаттуу округдардан

«Ишеним» фракциясы – 12 депутат

«Ынтымак» фракциясы – 9 депутат

«Альянс» фракциясы – 7 депутат





«Бүтүн Кыргызстан» фракциясы – 6 депутат

«Ыйман Нуру» фракциясы – 5 депутат

«Элдик» депутаттык тобу – 13 депутат
бир мандаттуу округдардан

«Мекенчил» депутаттык тобу – 13 депутат
бир мандаттуу округдардан

Депутаттар *

*
№20 бир мандаттуу округдан
№25 бир мандаттуу округдан
№27 бир мандаттуу округдан
№28 бир мандаттуу округдан

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН КОМИТЕТТЕРИ

| | | Ата-Журт Кыргызстан | Ишеним | Ынтымак | Альянс |
|---|---|---|---|---|---|
|  | Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 🔵🔵 | 🔵🔴 | | 🔵 |
|  | Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет | 🔵🔵🔵 | 🔵🔵 | 🔵🔵 | 🔵🔴 |
|  | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 🔵 | | 🔵 | 🔵 |
|  | Социалдык саясат боюнча комитет | 🔵🔵 | 🔵🔵 | 🔵 | 🔵 |
|  | Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет | 🔵🔵🔵 | 🔵 | | |
|  | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 🔵🔵🔵🔴 | 🔵🔵🔵 | 🔵🔵 | 🔵 |
|  | Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 🔵🔴🔵🔵🔵 | 🔵 | 🔵🔵 | 🔵 |
|  | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | | 🔵🔴 | 🔵 | 🔵 |

| Бүтүн Кыргызстан | Ыйман Нуру | Элдик | Мекенчил | Бир мандат-туу округ | Бардык депутаттар |
|---|---|---|---|---|---|
| 🔵 | 🔵 | 🔵 🔵 | 🔵 | 🔵 №20 | 11 |
| 🔵 | 🔵 | 🔵 | 🔵 🔵 🔵 | | 14 |
| 🔵 | 🔵 | 🔵 🔵 🔵 | 🔵 | | 9 |
| 🔵 | 🔴 | | 🔵 | | 9 |
| 🔵 | 🔵 | 🔵 🔵 | 🔴 | 🔵 №25 | 9 |
| 🔵 | 🔵 | 🔵 🔵 | 🔵 | | 14 |
| 🔵 | 🔵 | 🔵 🔵 🔵 | 🔵 🔴 🔵 | 🔵 №28<br>🔵 №27 | 18 |
| 🔵 | 🔵 | | 🔵 🔵 | | 8 |

🔴 Комитеттин төрагасы 🔵 Комитеттин мүчөлөрү

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН УБАКТЫЛУУ ДЕПУТАТТЫК КОМИССИЯЛАРЫ

### Кыргыз Республикасынын шаар куруу мыйзамдарынын аткарылышын контролдоо жана Бишкек шаарындагы башаламан курулуш маселелерин иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү тууралуу (КР ЖКнын №176-VII токтому)

ТҮЗҮЛГӨН
2022 ж. 6-апрели

АЯКТОО МӨӨНӨТҮ
2023 ж. 1-октябры

Төрага: Альянс

Комиссиянын курамы:
- Ата-Журт Кыргызстан
- Ишеним
- Ынтымак
- Бүтүн Кыргызстан
- Ыйман Нуру
- Элдик
- Мекенчил
- №27
- №28
- №29

### Мамлекеттик мүлктү башкаруунун жана менчиктештирүүнүн натыйжалуулугу маселесин иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө (КР ЖКнын №220-VII токтому)

ТҮЗҮЛГӨН
2022 ж. 27-апрели

Иштин жыйынтыгы боюнча КР ЖКнын 2023 ж. 29-июнундагы №1384-VII токтому кабыл алынган

Төрага: Ата-Журт Кыргызстан

Төраганын орун басары : Ынтымак

Комиссиянын курамы:
- Элдик
- Ишеним
- Альянс
- Бүтүн Кыргызстан
- Ыйман Нуру

### «Бишкек шаарында катуу таштандыларды башкаруу тутумун жакшыртуу» долбоорун каржылоого Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы тарабынан бөлүнгөн гранттык жана насыялык каражаттардын максаттуу пайдаланылышын контролдоо боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө (КР ЖКнын №189-VII токтому)

ТҮЗҮЛГӨН
2022 ж. 14-апрели

Иштин жыйынтыгы боюнча КР ЖКнын 2022 ж. 21-декабрындагы №754-VII токтому кабыл алынган

Төрага: Элдик

Төраганын орун басары : Ыйман Нуру

Комиссиянын курамы:
- Ата-Журт Кыргызстан
- Ишеним
- Ынтымак
- Альянс
- Бүтүн Кыргызстан
- №27

### «Кесиптик бирликтер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышын иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү тууралуу (КР ЖКнын №341-VII токтому)

ТҮЗҮЛГӨН
2022 ж. 16-июну

Иштин жыйынтыгы боюнча КР ЖКнын 2023 ж. 21-июнундагы №1293-VII токтому кабыл алынган

Төрага: Ата-Журт Кыргызстан

Төраганын орун басары : Альянс

Комиссиянын курамы:
- Ата-Журт Кыргызстан
- Элдик
- Ишеним
- Ынтымак
- Бүтүн Кыргызстан
- Ыйман Нуру

«Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коомунда алтындын казып алынышын жана сатылышын, Кыргыз Республикасынын менчигине өткөндөн берки иш-аракеттерин иликтөө үчүн убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө
(КР ЖКнын №494-VII токтому)

ТҮЗҮЛГӨН
2022 ж. 28-сентябры

Иштин жыйынтыгы боюнча КР ЖКнын 2023 ж. 16-мартындагы №1038-VII токтому кабыл алынган

Төрага: Элдик

Төраганын орун басары : Альянс

Комиссиянын курамы:
- Ата-Журт Кыргызстан
- Ишеним
- Ынтымак
- Бүтүн Кыргызстан
- Ыйман Нуру
- Мекенчил

Конституциялык мыйзамдардын, мыйзамдардын, адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдиктеринин одоно түрдө бузулушу боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө
(КР ЖКнын №821-VII токтому)

ТҮЗҮЛГӨН
2022 ж. 29-декабры

АЯКТОО МӨӨНӨТҮ
2023 ж. 28-июну

Төрага: Бүтүн Кыргызстан

Төраганын орун басарлары : Мекенчил, Альянс

Комиссиянын курамы:
- Ата-Журт Кыргызстан
- Ишеним
- Ынтымак
- Ыйман Нуру
- Элдик

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Ө.М.Бакировдун кызматтык иш бөлмөсүнө байланыштуу маселени иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө
(КР ЖКнын №655-VII токтому)

ТҮЗҮЛГӨН
2022 ж. 24-ноябры

Иштин жыйынтыгы боюнча КР ЖКнын 2022 ж. 1-декабрындагы №684-VII токтому кабыл алынган

Төрага: Бүтүн Кыргызстан

Төраганын орун басарлары : Ыйман Нуру, Элдик

Комиссиянын курамы:
- Ата-Журт Кыргызстан
- Ишеним
- Ынтымак
- Альянс
- Мекенчил
- №27

Тиешелүү мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттеринин айынан соттолгондор, жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулгандар боюнча иликтөө тууралуу убактылуу депутаттык комиссия түзүү жөнүндө
(КР ЖКнын №1252-VII токтому)

ТҮЗҮЛГӨН
2023 ж. 14-июну

АЯКТОО МӨӨНӨТҮ
2023 ж. 14-сентябры

Төрага: Мекенчил

Төраганын орун басары : Элдик


Комиссиянын курамы:
- Ата-Журт Кыргызстан
- Ишеним
- Ынтымак
- Альянс
- Бүтүн Кыргызстан
- Ыйман Нуру

## Билими




**89 депутат**
жогорку билимдүү


**5 депутат**
окумуштуулук даражага ээ




## Депутаттардын Жогорку Кеңеште иштегенге чейинки иш чөйрөлөрү



### Гендердик жана жаш курагынын белгилери боюнча




### фракциялардын/топтордун/депутаттардын ичинде





ӨТКӨРҮЛДҮ:

73 кезектеги жыйналыш

2 кезексиз жыйналыш

11 жабык жыйналыш



Жарандардын каралган кайрылуулары — 12952

Шайлоочулар менен өткөрүлгөн жолугушуулар — 11791

Кабыл алынган мыйзамдар — 226

Кабыл алынган токтомдор — 950

Кабыл алынган протоколдук тапшырмалар — 172

Угулган отчеттор — 6

Өткөрүлгөн иш-чаралар — 23

Парламенттер аралык кызматташтыктын алкагында өткөрүлгөн жолугушуулар — 39

## МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОРУНУН КЫЙМЫЛЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ







**Кыргыз Республикасынын Президентине жөнөтүлгөн мыйзамдар**

**218** мыйзамга кол коюлган

**8** мыйзам каршы пикир менен кайтарылган



## Мыйзам долбоорлоруна экспертиза

Мыйзам долбоорлоруна **251** экспертиза жүргүзүлдү

| | |
|---|---|
| УКУКТУК | 165 Конституцияга жана мыйзамдарга карама-каршылыктар |
| УКУК КОРГООЧУЛУК | 120 адам укуктарын бузуулар |
| ГЕНДЕРДИК | 4 гендердик теңдикти бузуулар |
| КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ | 69 коррупциялык тобокелчиликтер |
| ЭКОЛОГИЯЛЫК | 5 жаратылышты коргоо боюнча мыйзам талаптарына шайкеш эместиктер |
| ЛИНГВИСТИКАЛЫК | 300дөн ашык тексттердеги, түшүнүктөрдөгү жана терминдердеги шайкеш эместиктер аныкталды. |

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТОКТОМДОРУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

**950** токтом кабыл алынган

**718**
мыйзам долбоорлорун кароо маселелери боюнча


**15**
мамлекеттик, коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүү маселелери боюнча

**57**
өкүлчүлүк жана контролдук ыйгарым укуктарды аткаруу маселелери боюнча

**160**
Жогорку Кеңештин ишин уюштуруу маселелери боюнча


## ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ ЖАРАНДАРДЫН КАЙРЫЛУУЛАРЫ






| | Төрага | Фракциялар /топтор/ депутаттар* | Комитеттер |
|---|---|---|---|
| Кайрылуулардын жалпы саны | 1479 / | 9490 / | 1983 |
| анын ичинде электрондук форматта | 327 / | 839 / | 499 |

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА КАЙРЫЛУУЛАР




## ФРАКЦИЯЛАРДЫН/ ТОПТОРДУН ЖЫЙНАЛЫШТАРЫ





## ФРАКЦИЯЛАР /ТОПТОР/ ДЕПУТАТТАР* ӨТКӨРГӨН ИШ-ЧАРАЛАР

| | Шайлоочулар менен жолугушуулар | Тегерек үстөлдөр | Конференциялар | Коомдук талкуулар |
|---|---|---|---|---|
| Ата-Журт Кыргызстан | 430 | 1 | 25 | 1 |
| Ишеним | 53 | 4 | 7 | 8 |
| Ынтымак | 54 | 36 | 44 | 15 |
| Альянс | 45 | 5 | 3 | 3 |
| Бүтүн Кыргызстан | 15 | 6 | 8 | 5 |
| Ыйман Нуру | 3 | 4 | 2 | 2 |
| Элдик | 68 | 8 | 8 | 7 |
| Мекенчил | 157 | 42 | 34 | 37 |
| №20 | 215 | 1 | 1 | 4 |
| №25 | 82 | 0 | 0 | 0 |
| №27 | 802 | 10 | 7 | 3 |
| №28 | 272 | 0 | 0 | 0 |

## ЖАРАНДАРДЫН ФРАКЦИЯЛАРГА/ ТОПТОРГО/ ДЕПУТАТТАРГА* КАЙРЫЛУУЛАРЫ



## ЖАРАНДАРДЫН ФРАКЦИЯЛАРГА/ ТОПТОРГО/ ДЕПУТАТТАРГА* КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| | Ата-Журт Кыргызстан | Ишеним | Ынтымак | Альянс |
|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 569 | 168 | 631 | 92 |
| Чүй облусу | 119 | 146 | 360 | 67 |
| Ош облусу | 249 | 405 | 352 | 202 |
| Жалал -Абад облусу | 125 | 116 | 266 | 32 |
| Баткен облусу | 66 | 76 | 116 | 35 |
| Нарын облусу | 56 | 110 | 168 | 86 |
| Ысык-Көл облусу | 85 | 38 | 150 | 57 |
| Талас облусу | 60 | 97 | 99 | 39 |
| БАШКАЛАР | 2 | 3 | 12 | 8 |

| Бүтүн Кыргызстан | Ыйман Нуру | Элдик | Мекенчил | №20 | №25 | №27 | №28 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 45 | 180 | 133 | 92 | 50 | 0 | 230 | 306 |
| 26 | 43 | 266 | 104 | 20 | 119 | 31 | 5 |
| 69 | 74 | 220 | 273 | 2 | 0 | 10 | 0 |
| 75 | 123 | 64 | 316 | 5 | 0 | 8 | 0 |
| 79 | 52 | 190 | 140 | 20 | 0 | 5 | 0 |
| 18 | 26 | 42 | 120 | 6 | 0 | 6 | 0 |
| 25 | 42 | 146 | 28 | 20 | 0 | 6 | 17 |
| 12 | 24 | 81 | 14 | 420 | 0 | 7 | 0 |
| 1 | 9 | 10 | 0 | 0 | 0 | 1 | 0 |



| | АТА-ЖУРТ КЫРГЫЗСТАН | ИШЕНИМ | ЫНТЫМАК | АЛЬЯНС | БҮТҮН КЫРГЫЗСТАН |
|---|---|---|---|---|---|
| Фракциялардын/ топтордун лидерлери | 350 | 263 | 150 | 377 | 98 |
| Депутаттар | 1538 | 1201 | 90 | 925 | 380 |
| Коомдук кабылдамалар | 430 | 374 | 0 | 280 | 420 |



| ЫЙМАН НУРУ | Элдик | Мекенчил | №20 | №25 | №27 | №28 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 122 | 60 | 300 | - | - | - | - |
| 392 | 994 | 1450 | 230 | 25 | 112 | 272 |
| 32 | 481 | 43 | 325 | 57 | 20 | 0 |

## ДЕПУТАТТЫК СУРОО-ТАЛАПТАР

| | Ата-Журт Кыргызстан | Ишеним | Ынтымак | Альянс | Бутун Кыргызстан |
|---|---|---|---|---|---|
| Мыйзамдуулук жана укук тартиби | 87 | 553 | 80 | 99 | 75 |
| Экономика | 132 | 36 | 55 | 36 | 25 |
| Айыл чарбасы | 74 | 72 | 86 | 45 | 19 |
| Билим берүү, илим, маданият, спорт | 157 | 87 | 71 | 85 | 32 |
| Саламаттыкты сактоо | 173 | 102 | 89 | 58 | 19 |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу | 50 | 34 | 64 | 47 | 32 |
| Калкты социалдык коргоо | 480 | 51 | 112 | 80 | 51 |
| БАШКАЛАР | 178 | 164 | 1450 | 168 | 72 |

| Ыйман Нуру | Элдик | Мекенчил | №20 | №25 | №27 | №28 | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 107 | 85 | 184 | 141 | 0 | 69 | 0 | 1283 |
| 18 | 34 | 102 | 48 | 0 | 24 | 73 | 583 |
| 16 | 312 | 100 | 43 | 0 | 17 | 0 | 784 |
| 69 | 91 | 108 | 27 | 0 | 22 | 0 | 749 |
| 84 | 80 | 118 | 56 | 0 | 25 | 85 | 889 |
| 12 | 106 | 41 | 50 | 0 | 65 | 88 | 589 |
| 121 | 154 | 163 | 134 | 0 | 44 | 27 | 1417 |
| 146 | 290 | 271 | 49 | 0 | 37 | 55 | 2880 |

8

Парламенттик угуу

20


Конференция

3

Тегерек үстөл



## ЖАРАНДАРДЫН КОМИТЕТТЕРГЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ



## ЖАРАНДАРДЫН КОМИТЕТТЕРГЕ КАЙРЫЛУУЛАРЫ

| | Бишкек ш. | Чүй облусу | Ош облусу |
|---|---|---|---|
| Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | 233 | 51 | 58 |
| Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет | 16 | 1 | 6 |
| Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | 77 | 31 | 47 |
| Социалдык саясат боюнча комитет | 119 | 46 | 63 |
| Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет | 20 | 3 | 3 |
| Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | 42 | 57 | 25 |
| Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | 59 | 23 | 34 |
| Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | 158 | 60 | 55 |

| Жалал-Абад облусу | Баткен облусу | Нарын облусу | Ысык-Көл облусу | Талас облусу | Чет өлкөлөр |
| --- | --- | --- | --- | --- | --- |
|  |  |  |  |  | |
| 50 | 23 | 14 | 17 | 20 | 2 |
| 6 | 2 | 0 | 1 | 3 | 8 |
| 54 | 19 | 13 | 20 | 14 | 0 |
| 43 | 23 | 8 | 18 | 12 | 4 |
| 2 | 1 | 0 | 0 | 0 | 1 |
| 55 | 30 | 22 | 24 | 20 | 0 |
| 26 | 16 | 9 | 12 | 8 | 0 |
| 30 | 24 | 8 | 23 | 11 | 0 |


| КОМИТЕТТЕР |  |  |  |  |
|---|---|---|---|---|
| | Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет | Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет | Социалдык саясат боюнча комитет |

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШ ТАРАБЫНАН КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Мыйзамдар | 39 | 76 | 9 | 28 |

## КОМИТЕТТЕР ТАРАБЫНАН КАРАЛГАН МАСЕЛЕЛЕР


| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Мыйзам долбоорлору | 1-окууда | 66 | 80 | 19 | 68 |
| | 2-окууда | 41 | 65 | 6 | 34 |
| | 3-окууда | 36 | 63 | 6 | 28 |
| | Башкалар | 78 | 137 | 27 | 50 |

|  |  |  |  | |
|---|---|---|---|---|
| Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет | Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет | БАРДЫГЫ |
| 3 | 5 | 48 | 18 | 226 |
| 4 | 21 | 113 | 18 | |
| 5 | 4 | 51 | 18 | |
| 3 | 4 | 46 | 17 | |
| 44 | 17 | 52 | 18 | |

## МЫЙЗАМДАРДЫН ЖАНА ТОКТОМДОРДУН АТКАРЫЛЫШЫН КОНТРОЛДОО

| Мыйзамдар | Токтомдор | | |
|---|---|---|---|
| 1 | 3 |  | Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет |
| 3 | 2 |  | Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет |
| 8 | 8 |  | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет |
| 3 | 3 |  | Социалдык саясат боюнча комитет |
| 0 | 2 |  | Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет |
| 21 | 4 |  | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет |
| 0 | 16 |  | Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет |
| 1 | 3 |  | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет |

**парламенттик угуулардын катышуучулары**





Мыйзам долбоорлорун талкуулоо боюнча

# 8

**парламенттик угуулар**

Комитеттер боюнча парламенттик угуулардын катышуучуларынын саны




| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Өткөрүлгөн парламенттик угуулардын саны | 1 | 3 | 1 | 3 |

КОМИТЕТТЕР



Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет



Социалдык саясат боюнча комитет



Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет



Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет

## ПРОТОКОЛДУК ТАПШЫРМАЛАР БОЮНЧА МААЛЫМАТ

| Аткарылган | Аткарууда | | |
|---|---|---|---|
| 7 | 8 |  | Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитет |
| 6 | 23 |  | Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитет |
| 6 | 32 |  | Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү боюнча комитет |
| 18 | 30 |  | Социалдык саясат боюнча комитет |
| 5 | 9 |  | Отун-энергетикалык комплекс, жер казынасын пайдалануу жана өнөр жай саясаты боюнча комитет |
| 6 | 34 |  | Транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча комитет |
| 20 | 34 |  | Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитет |
| 5 | 18 |  | Укук тартиби, кылмыштуулук менен күрөшүү жана коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча комитет |

# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ



Кыргыз Республикасы 2030-жылга чейинки мезгилде экономикалык өнүгүүгө, курчап турган чөйрөнү коргоого жана социалдык бакубаттуулукка багытталган туруктуу өнүгүү жаатындагы БУУнун 17 максатын (ТӨМ) жүзөгө ашырууну жактайт.

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын алдындагы Аялдардын, балдардын укуктары жана гендердик теңдик боюнча кеңеш**

Максаты – аялдардын жана балдардын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү чараларды ишке ашыруу боюнча өз ара аракеттенүүлөрдү координациялоо.



ТӨМӨНКҮЛӨРГӨ КӨМӨКТӨШӨТ:

- аялдардын жана балдардын укуктарын камсыз кылуу үчүн мыйзамдык базаны өркүндөтүүгө;
- улуттук саясатка гендердик мамилелерди жана баланын эң мыкты кызыкчылыктарынын принциптерин киргизүүгө;
- мамлекеттик органдарга аялдардын, балдардын укуктарын коргоо жана гендердик теңдик жаатындагы Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткарууга;
- үй-бүлөлүк зомбулукту болтурбоого жана эмгектенүүдө жеке жашоонун кол тийбестигин сактоого;
- аялдардын укуктары, гендердик теңдик жана балдардын укуктары маселелери боюнча Жогорку Кеңештин мамлекеттик органдар, жарандык коом, эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүүлөрүнө.

сессиялык мезгил ичинде:
- өткөрүлгөн жыйындар – 10;
- өткөрүлгөн форумдар – 12;
- өткөрүлгөн жолугушуулар – 17;
- эл аралык иш-чараларга катышуу – 5;
- демилгеленген мыйзам долбоорлору – 2.

**Жогорку Кеңештин айым-депутаттарынын форуму**

Максаты – аялдардын саясатка катышуусун илгерилетүү.



- аялдардын жана эркектердин саясатка катышуудагы тең укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу;
- гендердик басмырлоого жол бербөө;



- аялдардын саясий чечимдерди кабыл алууга катышуусун жогорулатуу;
- аялдарга, үй-бүлөгө, балдарга, ДМЧАга, этностук топторго ж. б. тийиштүү маселелерде биргелешкен көз караштарды иштеп чыгуу;



- саясатта жана мамлекеттик башкаруу системасында аялдардын укуктары менен кызыкчылыктарын илгерилетүүгө жана колдоого көмөктөшүү.

сессиялык мезгил ичинде:
- өткөрүлгөн жыйындар – 11, алардын ичинен көчмө жыйындар – 2;
- демилгеленген мыйзам долбоорлору – 1;
- иш-чараларга катышуулар – 17;
- өткөрүлгөн тренингдер – 2;
- каралган даттануулар жана кайрылуулар – 83.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын алдындагы Климаттын өзгөрүү шарттарында туруктуу өнүгүү боюнча кеңеш**

Максаты – туруктуу өнүгүүнүн максаттарына жетишүүгө контролдук жүргүзүү үчүн аянтча түзүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын кайталангыс экологиялык системасын сактоого көмөк көрсөтүү.

- Кыргыз Республикасынын кайталангыс экологиялык системасын сактоо жана туруктуу өнүктүрүү, калктын экономикалык жана социалдык бакубаттуулугун камсыз кылуу боюнча сунуштарды даярдоо;
- мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, экологиялык жана экономикалык өнүктүрүү жаатындагы кызыкдар уюмдардын иштерине көмөк көрсөтүү;
- экологиялык-экономикалык кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- иш менен камсыздоо шарттарын түзүүгө жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо, туруктуу пайдалануу аркылуу айыл жергесинде ишкердикти өнүктүрүүнү камсыз кылууга көмөк көрсөтүү.

сессиялык мезгил ичинде:
• кеңештин жыйындары - 3;
• эл аралык уюмдар менен жолугушуулар - 4;
• иштелип жаткан мыйзам долбоорлору - 5;
• иштелип чыккан мыйзам долбоору – 1.

**Жогорку Кеңешке караштуу Парламентти жана демократияны өнүктүрүү борбору**

Максаты – парламенттин институционалдык өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү.

- Жогорку Кеңештин стратегиялык документтерин иштеп чыгууга, ишке ашырууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого көмөк көрсөтүү;
- Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуу;
- Кыргыз Республикасында парламентаризмди өнүктүрүү маселелери боюнча Жогорку Кеңешке маалыматтык, аналитикалык жана эксперттик колдоо көрсөтүү.

Борбордун ишинин жыйынтыктары:
• Жогорку Кеңештин 2027-жылга чейин өнүгүү стратегиясынын долбоорун иштеп чыгууга көмөк көрсөтүлдү;
• Жогорку Кеңештин депутаттарынын жана Аппаратынын кызматкерлеринин потенциалын жогорулатуунун алкагында 13 окуу курсу өткөрүлдү, катышуучулардын саны - 416;
• жүргүзүлгөн изилдөөлөр - 2;
• даярдалган Концепция долбоорлору - 2;
• өткөрүлгөн иш-чаралар - 11;
• кол коюлган Меморандум - 1.

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын алдындагы Миграция маселелери боюнча кеңеш**

Максаты – чет өлкөдө жашаган мекендештер менен Жогорку Кеңештин байланышын жана мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүсүн чыңдоо.

Миграция боюнча Кеңеш парламенттин чет өлкөлөрдө жашаган мекендештер менен өз ара аракеттенүүлөрүн камсыз кылуучу коомдук-консультативдик орган болуп саналат.

Миграция боюнча Кеңештин милдеттери:

- мекендештердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын колдоо, коргоо маселелери боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу;
- эл аралык уюмдар, мамлекеттик органдар, өкмөттүк эмес уюмдар, бирикмелер жана мекендештердин диаспоралары менен өз ара аракеттенүү;
- маданий, социалдык, билим берүү, гуманитардык, диний жана башка багыттардагы долбоорлорду колдоо;
- мекендештердин жашоо сапатын жогорулатуу боюнча диаспоралардын жана бирикмелердин күч-аракеттерин координациялоо;
- эмгек миграциясы чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу;
- мекендештердин көйгөйлөрү тууралуу коомчулукка кабарлоо;
- жаштардын демилгелерин жана инвестициялык долбоорлорду колдоо.


сессиялык мезгил ичинде:
- өткөрүлгөн жыйындар жана иш-чаралар – 18;
- түзүлгөн жумушчу топтор – 5;
- өткөрүлгөн иш-чаралар – 7;
- диаспоралык уюмдар менен өткөрүлгөн жолугушуулар – 5;
- жүргүзүлгөн изилдөөлөр – 3;
- эл аралык иш-чараларга катышуулар – 8.


**Жогорку Кеңештин Төрагасынын алдындагы Бизнести жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча кеңеш**

Максаты – парламент менен бизнес коомдоштугунун ортосундагы туруктуу байланышты камсыз кылуу.

- өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- ишкердик ишти жөнгө салуучу мыйзамдарга сунуштарды киргизүү;
- мыйзамдарга мониторинг жүргүзүү жана мыйзам чыгаруу демилгелерин иликтөө;
- бизнести жүргүзүүдө мүмкүн болуучу тобокелдиктерди жана чакырыктарды аныктоо;
- бизнес-чөйрөсүн жакшыртуу, өлкөнүн инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу жана бизнести илгерилетүү үчүн сунуштарды иштеп чыгуу.

сессиялык мезгил ичинде:
- өткөрүлгөн жыйындар – 6;
- өткөрүлгөн иш-чаралар – 2;
- каралган мыйзам чыгаруу сунуштары жана башка маселелер – 61.





# «Элдин өмүрү анын тилинде»

Чыңгыз Айтматов

**«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы мамлекеттик тилди колдонуунун укуктук негиздерин түзүүгө жана мамлекеттик тил саясатын ишке ашырууга багытталып, анын укуктук даражасын көтөрүү жана так аткарылуусун камсыз кылуу максатында конституциялык мыйзамдын статусу берилди.

Мыйзамга ылайык, мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, мамлекеттик менчиктеги мекемелерде, ишканаларда жана уюмдарда мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана мамлекеттик тилдеги документтерге лингвистикалык экспертиза жүргүзүү милдеттерин жүктөө менен кызматкердин же кызматкерлердин штаттык бирдиги киргизилет.

Мыйзамда мамлекеттик тилди кимдер билүүгө жана кызматында колдонууга милдеттүү экендиги так жазылган. Аларга: мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар; Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештердин депутаттары; Улуттук банктын кызматкерлери; ички иштер жана башка укук коргоо органдарынын офицердик жана жетекчилик (орто жана жогорку) курамындагылар, башка органдардын атайын наамдар ыйгарылуучу кызмат адамдары; ички иштер органдарынын жана башка укук коргоо органдарынын атайын наамдар ыйгарылуучу катардагы, сержанттык жана старшиналык курамындагылар; соттор; прокурорлор; адвокаттар; нотариустар; бардык менчик формаларындагы билим берүү мекемелеринин жетекчилери, кызматкерлери; билим берүү мекемелерине жана/же илимий мекемелерге чакырылган жана илимий, педагогикалык, илимий-педагогикалык кызматкерлер жана чет тили боюнча окутуучу катары убактылуу негизде иштеп жаткан чет өлкөлүк жарандарды же жарандыгы жок адамдарды кошпогондо, педагогикалык, илимий-педагогикалык жана илимий кызматкерлер; мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо мекемелеринин медициналык кызматкерлери кирет.

Мындан тышкары, теле-, радио уюмдары үчүн мамлекеттик тилдеги көрсөтүү, берүүлөрдүн милдеттүү (минималдуу) көлөмү 60 пайыздан кем болбошу керек.

Шаарларда, айылдарда жана башка аймактарда плакаттар, жарык табло жана башка техникалык каражаттар түрүндөгү тышкы жарнамалар алгач мамлекеттик тилде, андан кийин расмий тилде таризделет.

Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекитет жана аткарылышын камсыз кылат.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 31-майда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 17-июлда кол койгон.








Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 7-беренесинин 2-бөлүгүн ишке ашыруу максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **«Элдик Курултай жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы кабыл алынды.

Аталган конституциялык Мыйзамды кабыл алуунун негизги максаты болуп мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн, ошондой эле башка маселелерди талкуулоо аркылуу жарандар менен мамлекеттик бийлик органдарынын ортосундагы байланышты жана ишенимди чыңдоо, өлкөнүн руханий жана маданий өнүгүүсү, Кыргызстан элинин каада-салттарын жана мурастарын сактоо, мамлекет менен диний конфессиялардын өз ара мамилелери, Кыргыз Республикасындагы адам укуктарынын жана эркиндиктеринин абалы, курчап турган чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарына аяр мамиле кылуу, аймактар аралык жана улуттар аралык талаш-тартыштарды жана чыр-чатактарды чечүү, элдин тарыхый, материалдык жана руханий мурастарын сактоо, башка маанилүү маселелер саналат.

Конституциялык Мыйзам Элдик Курултайдын укуктук статусун, иш принциптерин, делегаттарды шайлоонун тартибин, уюштуруу маселелерин аныктайт. Элдик Курултайдын курамына Кыргыз Республикасынын Президентинин чечими менен аныкталган квота боюнча 700 делегат шайланып келет. Элдик Курултай жылына бир жолу жалпы чогулуш түрүндө өткөрүлөт жана өлкөнүн социалдык-экономикалык, коомдук-саясий өнүгүүсүнүн негизги багыттары боюнча мамлекеттик органдардын маалыматын угуп, алар боюнча өзүнүн сунуштамаларын кабыл алат.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 29-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 24-июлда кол койгон.






КУРУЛТАЙ
2022


Мен дагы
кыргызмын!
STOP
КОНТРОЛЬ
STOP
КОНТРОЛЬ

Кыргыз Республикасынын аймагында курагы 18 жаштан жогору, бирок документтери жок, тактап айтканда, мурда жашаган өлкөсүнөн алган паспортунун мөөнөтү өтүп кетип, жараксыз абалга келген, жоготуп, кайрадан калыбына келтире албай жүргөн, өздүгүн аныктоочу документи жок дээрлик 10 минден ашык этникалык кыргыздар жашайт.

Көп учурларда бул категориядагы адамдар улуттук паспорттору жараксыз же такыр эле жок болгондуктан, кайрылман статусун же жарандык алуусуна мыйзам жол бербей келген. Ошондой эле, алардын өз паспортторун келген өлкөлөрдүн элчиликтеринен жаңыртууга жана калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүктөрү болгон жок.

Этникалык кыргыздардын бардыгы эле ар кандай шарттарга байланыштуу өз мекенине кайта албастыгын эске алганда жана алардын документтери архивден табылбагандыктан, бул маселе көптөн бери чечилбей келген. Натыйжада этникалык кыргыздар өз укуктарын коргоодо, медициналык жардам, билим алууда жана башка урунттуу учурларда мүмкүнчүлүктөрү чектелип, толук кандуу жашоо кура албай жүрүшөт. Ушуга байланыштуу, Кыргызстандын аймагында туруктуу жашаган этникалык кыргыздарга паспорту жок болгон учурда жергиликтүү бийлик тарабынан берилүүчү таануу актысынын негизинде кайрылман статусун алууга шарт түзүү зарылдыгы бышып жетилди.

Жогоруда айтылгандарды эске алып, Кыргызстандын аймагында жашап жаткан этникалык кыргыздарды колдоо, кайрылмандардын көйгөйлөрүн чечүү жана легалдаштыруу шарттарын жакшыртуу максатында Жогорку Кеңеш **«Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Кыргыз Республикасына көчүп келүүчү этникалык кыргыздарга берилүүчү мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөр киргизүү тууралуу»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алды.

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМГА ЫЛАЙЫК ТӨМӨНКҮДӨЙ ШАРТТАР ТҮЗҮЛӨТ:

- этникалык кыргыздардын паспорту, нике жана туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрүнүн жоктугу кайрылман ырастамасын алууда тоскоол болбойт;
- чет мамлекетте төрөлгөн этникалык кыргыздардын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүндө же паспортунда “улуту” деген графа жок болсо, этникалык таандыгы Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгү же консулдук мекемеси аркылуу ырасталат;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилүүчү идентификациялык күбөлүктүн негизинде кайрылман статусун алуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү;
- этникалык кыргыздардын Кыргыз Республикасына кирүү жана өлкөдө жүрүү тартиби жеңилдетилди;
- этникалык кыргыздарга жеңилдетилген шартта жарандык алуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү.

**Кыргыз Республикасынын аймагында документсиз жашап жүрүшөт:**

18 жаштан
**жогору курактагы**



>10 000
**этникалык кыргыз**

**Кабыл алынган мыйзамга ылайык, этникалык кыргыздар:**

- дипломатиялык өкүлчүлүк же консулдук мекеме тарабынан улутун ырасташат
- кайрылмандын ырастамасын тоскоолдуксуз алышат
- жарандыкты жөнөкөйлөтүлгөн тартипте алуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт
- өлкөгө кирүү жана анда туруу жөнөкөйлөтүлөт

[1] Жогорку Кеңеш 2022-жылы 28-декабрда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 22-февралда кол койгон.



Кыргыз Республикасы эгемендүүлүктү алгандан бери элибиз көптөгөн аскердик, жарандык кагылышууларды, коронавирус пандемиясын, башка кыйынчылыктарды башынан өткөрдү. Андай учурларда элибиз бардык тобокелчилик, коркунучтарды туура, түшүнүү менен кабылдап, көптөгөн мекендештерибиз өлкө эркиндиги жана коопсуздугу үчүн баатырларча курман болушту.

Ошентсе да буга чейин, мыйзамдарга ылайык, баатырларча курман болгон жарандарды экинчи категориядагы мамлекеттик сыйлык эсептелген "Эрдик" медалы менен гана сыйлоого уруксат берилген.

Эрдиктин жана мамлекеттик сыйлыктын шайкештигин камсыз кылуу, ошондой эле курман болгон баатырлардын элесин түбөлүккө калтыруу, мамлекеттик сыйлыктардын укуктук статусун аныктоо максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары, ардак наамдары жана мамлекеттик сый-акылары жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды.

Мыйзам аркылуу мамлекеттик сыйлыктардын өзгөчө категориялары аныкталган. Булар - эки артыкчылык даражасындагы "Ата Мекен Баатыры" жана "Эмгек Баатыры" болуп саналат. "Эрдик" медалы үч даражадагы "Эрдик" ордени менен алмаштырылды. Натыйжада бул укуктук ченем жарандардын өмүрүнө коркунуч туудурган шарттарда аскердик, кызматтык же жарандык милдеттерди аткарууда көрсөткөн эрдиктерине жана кайратмандыктарына татыктуу баа берүүгө мүмкүндүк түзөт.

**ОШОНДОЙ ЭЛЕ, КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМ ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ КАМТЫЙТ:**

- мамлекеттик сыйлыктарды, ардак наамдарды ыйгарууну жана көрсөтүүнү демилгелеген мамлекеттик түзүмдөрдүн санын чектөөчү жаңы мыйзамдык ченемдерди;
- мамлекеттик сыйлыктардын укуктук статусун, мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүүнүн, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоого талапкерлерди тандоонун негизги жолдорун жана критерийлерин аныктоону;
- илим жана техника жаатындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарын, ошондой эле адабият жана искусство жаатындагы Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктарын уюштурууну;
- "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ишкери" ардактуу наамын уюштурууну;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарынан жана ардак наамдарынан ажыратуунун колдонуудагы тартибин өзгөртүүнү.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 29-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 9-августта кол койгон.




Бишкек шаарында курулат

**3000 батир**

аянты 40 $м^2$ден 85 $м^2$ге чейин

Сауд өнүктүрүү фонду

**100 млн $**

жеңилдетилген шартта, 25 жылдык мөөнөткө «Кыргыз Республикасында турак жайды каржылоо» долбоорун ишке киргизүү үчүн бөлүп берет

**«2023-жылдын 24-апрелинде Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Сауд өнүктүрүү фондунун ортосундагы «Кыргыз Республикасында турак жайды каржылоо» долбоору боюнча Кредиттик макулдашууну ратификациялоо тууралуу»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынды.

Макулдашуунун негизинде Сауд өнүктүрүү фонду "Кыргыз Республикасында турак жайды каржылоо" долбоорун иштетүү үчүн 375 млн сауд реалы (100 млн АКШ долларына барабар) өлчөмүндөгү насыяны 25 жылга жеңилдетилген шарттар менен берүүдө.

Долбоорго ылайык, Бишкек шаарында аянттары 40 $м^2$ден 85 $м^2$ге чейин болгон 3000 квартира салынып, алар муктаж болгон жарандарга ипотекалык негизде берилет. Долбоорду "Мамлекеттик ипотекалык компания" ачык акционердик коому ("МИК" ААКы) ишке ашырат жана турак жай алуучулар тарабынан жүргүзүлгөн төлөмдөрдү Сауд өнүктүрүү фондунун берген насыясын төлөөгө жумшайт.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 29-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 21-июлда кол койгон.

# 2023-ЖЫЛДЫН РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТИ ЖӨНҮНДӨ



**2023-ЖЫЛЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН КИРЕШЕЛЕРИ, МАМЛЕКЕТТИК ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫН ГРАНТТАРЫН ЭСКЕ АЛГАНДА**

**325 066,0**
МЛН СОМ

**2023-ЖЫЛГА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН ЧЫГЫМДАРЫНЫН ЖАЛПЫ КӨЛӨМҮ, ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕРДИ ЭСКЕ АЛБАГАНДА**

**346 329,2**
МЛН СОМ

**ЧЫГЫМДАРДЫН НЕГИЗГИ БЕРЕНЕЛЕРИ:**

- саламаттык сактоого - 32 005,5 млн сом;
- билим берүүгө - 65 279,2 млн сом;
- социалдык коргоого - 61 285,6 млн сом.

**СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТЫ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ:**

- Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн улуттук программасынын иш-чараларын аткарууга - 71,4 млн сом;
- Мамлекеттик ипотекалык компаниянын уставдык капиталына – 1 000,0 млн сомдон, анын ичинде, бир бөлүгү KfW Германия өнүктүрүү банкынын алдындагы карызды конверсиялоонун эсебинен;
- табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу боюнча иш-чараларга (турак жай сертификаттары жана калкка социалдык жардам боюнча жөлөк пулдар) – 100,0 млн сом;
- Электр автобустарын жана кубаттоочу инфратүзүмдү сатып алууга – 176,0 млн сом бюджеттик насыя;
- Социалдык төлөмдөрдү жогорулатууга – 27 456,1 млн сом, анын ичинде: мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын эмгек акысын, аскер кызматчыларынын жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кызматы үчүн үстөк акыларды жогорулатууга, салыктардан бошотууга байланыштуу кирешелер боюнча жергиликтүү бюджеттин жоготууларынын ордун толтурууга, пилоттук режимде райондун деңгээлинде (Ысык-Көл облусунун Түп району) административдик-аймактык реформанын алкагындагы иш-чараларга, бюджеттик керектөөчүлөр (республикалык бюджеттен каржылануучу мамлекеттик мекемелер) үчүн электр энергиясына тарифтерди жогорулатууга байланышкан чыгымдарга, жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерине квалификациялык категория үчүн үстөк акыга, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссияга, электр жана почта байланыштарынан түшкөн каражаттан Санариптик инфратүзүмдү өнүктүрүү фондуна бөлүнөт.

**Финансылык активдерди эске алганда, республикалык бюджеттин чыгымдарынын жалпы көлөмү 384 465,9 млн сом деңгээлинде түзүлгөн, анын ичинде бюджеттик каражаттар – 317 054,6 млн сомду, атайын эсептин каражаттары – 19 840,0 млн сомду түзөт.**

### БАТКЕН ОБЛУСУНА:

- Баткен облусунун коопсуздугун жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу боюнча мамлекеттик программага – жыл сайын 500,0 млн сомдон 2023–2025-жылдарга;
- Баткен облусун жеңилдетилген каржылоого (финансылык мамлекеттик ишканаларга субсидиялар) жыл сайын 50,0 млн сомдон 2023–2025-жылдарга;
- Баткен облусундагы куралдуу жаңжалдын жүрүшүндө жабыр тарткан ишкердик субъекттерине жардам берүү үчүн бюджеттик насыя берүүгө - 90,3 млн. сом.

### АЙМАКТАРДЫ, САНАРИПТЕШТИРҮҮНҮ, ИНФРАТУЗУМДУ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ:

- чек ара аймактарын өнүктүрүүгө - 200,0 млн сом;
- санариптик экономикага - 500,0 млн сомдон 2023–2025-жылдарга;
- фискалдаштырууга - 952,8 млн сом.

### ЭНЕРГЕТИКАЛЫК ИНФРАТУЗУМДУ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ:

- “Электр станциялары” ААКынын жана “КУЭТ” ААКынын энергетикалык компанияларынын уставдык капиталын көбөйтүүгө - 10 800,3 млн сом;
- Камбар-Ата ГЭСин курууга - 816,7 млн сом;
- Талас облусунун Манас районундагы Киров суу сактагычында “Бала-Саруу ГЭС” чакан гидроэлектрстанциясын куруу долбооруна республикалык бюджеттен “Чакан ГЭС” ААКы үчүн 550,0 млн сом суммасында, ошондой эле “Орто-Токой ГЭС” чакан гидроэлектрстанциясын курууга 350,0 млн сом суммасында бюджеттик насыя каражаттары каралган.

### 2023-ЖЫЛГА “КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАР” БЕРЕНЕСИ БОЮНЧА ЧЫГЫМДАРГА 5 000,0 МЛН СОМ СУММАСЫНДА КАРАЛГАН:

- жогорку курулуш даярдыгы бар социалдык-экономикалык маанидеги объекттердин курулуштарын бүткөрүүгө жана реконструкциялоого, анын ичинде билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, спорт тармактарына;
- суу чарба объекттеринин курулушуна;
- стратегиялык маанидеги жолдордун жана республиканын чек арага чектеш жолдорунун курулушуна жана реконструкциялоого;
- мамлекеттик максаттуу программаларды ишке ашырууга жана айрым социалдык-маанилүү маселелерди чечүү үчүн.

### БАШКА ТАРМАКТАР:

- Мамлекеттик бюджеттик резервге - 3 080,0 млн сом;
- 6 365,9 млн сом өлчөмүндөгү экономикалык өнүгүү долбоорлорун каржылоо үчүн каражаттар стратегиялык документтерге ылайык (Улуттук өнүктүрүү стратегиясына жана башкаларга), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актыларына жана тескемелерине ылайык экономикалык өнүгүү долбоорлорун каржылоого багытталат;
- “Ишкердикти өнүктүрүү фонду” микрокредиттик компаниясына - 400,0 млн сом;
- финансы-насыя уюмдарынын алдында кепилдик берүүгө - 1 000,0 млн сомдон 2023–2025 жылдарга;

## БАШКА ТАРМАКТАР

- “Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду” ААКына 1 000,0 млн сомдон 2023–2025-жылдарга;
- КНСтин ордун толтурууга жана кайтарууга - 500,0 млн сом;
- “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКына - 280,0 млн сом;
- “Айыл банк” ААКына - 1 500,0 млн сом;
- “РСК банк” ААКына - 1 500,0 млн сом;
- айыл чарба техникасын лизингге алууга - 350,0 млн сом;
- коммерциялык банктардын (айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө) пайыздык коюмдарын субсидиялоого - 633,3 млн сом;

## МАМЛЕКЕТТИК ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫН ПРОГРАММАСЫНА ЫЛАЙЫК 2023-Ж. КАРАЛГАН:

### БИЛИМ БЕРҮҮГӨ – 1 746,6 МЛН СОМ:

- “Инклюзивдүү өсүш үчүн көндүмдөр” секторун өнүктүрүү программасы;
- Келечек үчүн билим;
- Окутуунун негиздерин бекемдөө.

### САНАРИПТЕШТИРҮҮГӨ – 4 328,4 МЛН СОМ:

- “CASA-1000”дин жергиликтүү коомчулуктарды колдоо долбоору;
- “CASA-1000” долбоору;
- “Digital CASA” долбоору;

## СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДООНУ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ – 7 484,9 МЛН СОМ:

- Климаттын өзгөрүшүнө туруктуу суу чарба кызматтарын жакшыртуу;
- Сарымсак ирригациялык тармагын өнүктүрүү;
- Ысык-Көл жана Нарын облустарында сугат дыйканчылыгын өнүктүрүү;
- “Климаттын өзгөрүүсүнө жана табигый кырсыктарга карата суу ресурстарынын туруктуулугун жогорулатуу”;
- Талас ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Токмок ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Кара-Суу ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Токтогул ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Майлуу-Суу ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Өзгөн ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Балыкчы ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо;
- Мырза-Аке, Дөң-Булак жана Куршаб жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын суу менен жабдуу системаларын реабилитациялоо (ЕС, грант);
- Каракол ш. суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо;
- Жалал-Абад ш. суу менен жабдуу жана канализация системасын реабилитациялоо, II фаза;
- Раззаков ш. суу менен жабдуу системасын реабилитациялоо;
- Климаттын өзгөрүшүнө туруктуу суу чарба кызматтарын жакшыртуу;
- Айылды суу менен жабдууну туруктуу өнүктүрүү долбоору;
- Айылды суу менен жабдууну жана санитардык абалды жакшыртуу долбоору;
- Баткен жана Талас облустарында айылдарды суу менен жабдууну жана санитардык абалды жакшыртуу долбоору;
- Нарын облусунда айылдарды суу менен жабдууну жана санитардык абалды жакшыртуу долбоору.

### САЛАМАТТЫК САКТООНУ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ – 2 143,9 МЛН СОМ:

- Кургак учук менен күрөшүү, V фаза;
- “Энени жана баланы коргоо” программасы, IV-V фаза;
- Бишкек шаарынын Медициналык тез жардам кызматынын Клиникалык балдар ооруканасы үчүн жаңы корпус куруу;
- Улуттук госпиталдын нейрохирургиялык борборун куруу жана жабдуу;
- “COVID-19 Шашылыш кызмат” долбоору;
- “Энени жана баланы коргоо” программасы, VI-VIII фаза, Ош ш.;
- “Энени жана баланы коргоо” программасы, IX фаза, Талас ш.

### ЭНЕРГЕТЕКАЛЫК ИНФРАТУЗУМДУ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ – 6 169,1 МЛН СОМ:

- Ат-Башы ГЭСин реконструкциялоо;
- “Камбар-Ата ГЭС-2нин экинчи гидроагрегатын пайдаланууга берүү”;
- “Токтогул ГЭСин реабилитациялоонун II фазасы”;
- “Токтогул ГЭСин реабилитациялоонун III фазасы”;
- “Уч-Коргон ГЭСин” модернизациялоо”;
- Шаардык транспортту электрлештирүү долбоору;
- “Ошэлектр ААКын реабилитациялоо”.

### АЙЫЛ ЧАРБАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ – 1 344,0 МЛН СОМ:

- “Рыноктorго чыгууну камсыздоо” долбоору;
- “Регионалдык жайыт коомдоштуктарынын туруктуулугу” долбоору;
- Сүт секторунун өндүрүмдүүлүгүн комплекстүү жогорулатуу;
- Айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жана азыктуулугун жакшыртуу.

### ТРАНСПОРТ ИНФРАТУЗУМУН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ – 10 611,4 МЛН СОМ:

- БАРЭК 1 жана БАРЭК 3 транспорттук коридорлорунун ортосундагы байланыш жолдорунун долбоору;
- Шаардык транспортту электрлештирүү долбоору;
- Тараз-Талас-Суусамыр автожолун реабилитациялоо, IV фаза, 104-197,5-км;
- “Түндүк-Түштүк” альтернативдик жолун куруу, 159-183-км;
- Балыкчы-Каракол-Балыкчы айланма жолун реабилитациялоо долбоору;
- “БАРЭК 3 коридорун жакшыртуу” долбоору;
- “Бишкек-Ош автожолун жакшыртуу” долбоору, IV фаза;
- “Түндүк-Түштүк” альтернативдик жолун куруу;
- “Негизги эл аралык жолдорду жакшыртуу” долбоору;
- “Бишкек-Ош автожолун кар көчкүсүнөн сактоо” долбоору;
- Талас-Тараз автожолунда Үрмарал дарыясындагы көпүрөнү реконструкциялоо;
- “Бишкек-Ош автомобиль жолун кар күрткүсүнөн сактоо” долбоору.

# САЛЫК САЯСАТЫ ЖӨНҮНДӨ

**«Кыргыз Республикасынын салык салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарына ылайык, чакан бизнести өнүктүрүүдө туруктуу жетишкендиктерди камсыз кылууга, салык мыйзамдарын, жол-жоболорун санариптештирүүгө, бизнес жүргүзүү үчүн бирдей шарттарды түзүүгө жана көмүскө экономиканы кыскартууга багытталган.



## БУЛ МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДЕРИН ИШКЕ АШЫРУУДА ТӨМӨНКҮ МАКСАТТАРГА ЖЕТИШҮҮГӨ БОЛОТ:

- жагымдуу атаандаштык чөйрөсүн түзүү жана ишкердик субъекттерин колдоо;
- салыктардын толук түшүүсүн камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин киреше бөлүгүн көбөйтүү, демек, мамлекеттин социалдык-экономикалык милдеттенмелерин аткаруу;
- сапаттуу, легалдуу товарларга жеткиликтүү болуу, керектөөчүлөрдүн укугун коргоо.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 16-мартта кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 3-апрелде кол койгон.

**БУЛ МЫЙЗАМДЫН ИШКЕ КИРИШИНИН НАТЫЙЖАСЫНДА ИШКЕРДИК СУБЪЕКТТЕРИ ҮЧҮН ТӨМӨНКҮДӨЙ ЖАГЫМДУУ САЛЫКТЫК КЛИМАТ ТҮЗҮЛДҮ:**

- Кирешелердин көлөмүн чектебестен, бирдиктүү салыктын негизинде режим кеңейтилди.

- Товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатуудан түшкөн жылдык каражаты 8 млн сомго чейин болгон, ККМди колдонуу талаптарына жооп берген чакан ишканалар мөөнөтсүз салык төлөөдөн бошотулду.

- Базарлардагы жылдык жүгүртүүсү 100 млн сомдон ашпаган ишкерлер үчүн жөнөкөйлөтүлгөн тартипте бирдиктүү 0,1%дык салык бекитилди. Базарлардын тизмеси жана аларга карата талаптар Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

- Соода үчүн бирдиктүү салыктын ставкасы накталай төлөмдөр үчүн 4%дан жана накталай эмес төлөмдөр үчүн 2%дан баштап төмөнкү чектерге чейин төмөндөдү:
  - 0,5% - жылдык жүгүртүүсү 30 млн сомго чейин;
  - 1% - жүгүртүүсү 30 млн сомдон 50 млн сомго чейин болгондор үчүн.

- Коомдук тамактануу субъекттери үчүн бирдиктүү салыктын ставкасы 8%дан Бишкек жана Ош шаарларында накталай формада 6%га, накталай эмес формада 4%га чейин төмөндөтүлдү.
  Ал эми калган аймактарда накталай формада 4%га, накталай эмес формада 2%га чейин төмөндөтүлдү.

- Креативдүү өнөр жай паркынын резиденттери үчүн:
  а) киреше салыгынын ставкасы 5%га төмөндөтүлдү.
  б) камсыздандыруу төгүмдөрүнүн ставкасы орточо айлык эмгек акынын 12%ына чейин төмөндөтүлдү.
  в) бирдиктүү салык ставкалары накталай формада 6%дан жана накталай эмес формада 4%дан төмөндөтүлдү:
  - 2023 жана 2024-жылдары – 0,5%га;
  - 2025 жана 2026-жылдары – 1%га;
  - 2027-жылдан тартып – 2%га.

- IT индустриясы жана туризм тармагы үчүн бирдиктүү салыктын ставкасы накталай формада 4%га жана накталай эмес формада 2%га чейин төмөндөтүлдү.

- Электрондук жол баракчаларын колдонбогондугу үчүн айыптык санкцияларды киргизүү 2024-жылдын 1-январына жылдырылды.

- ЭТТН колдонуу боюнча талаптарды бузгандыгы үчүн жазалар (айыптар) жеңилдетилди - биринчи жолу укук бузуу үчүн - эскертүү, экинчи жасалган укук бузуу үчүн - жеке жактарга 30 эсептик көрсөткүч жана юридикалык жактарга 130 эсептик көрсөткүч, кийинки укук бузуулар үчүн - жеке адамдарга 100 эсептик көрсөткүч жана юридикалык жактарга 280 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул белгиленди.

- ККМди колдонуу талаптарын бузгандыгы үчүн айып пулдун өлчөмүн азайтуу, биринчи жолу мыйзам бузуу үчүн - эскертүү, экинчи жолу мыйзам бузуу үчүн - жеке жактарга 500 сом жана юридикалык жактарга 5000 сом, кийинки укук бузуулар үчүн - жеке жактарга 3000 сом, юридикалык жактарга 13000 сом белгиленди.

- Салыктык укук бузуулар үчүн, анын ичинде ККМ, ЭТТН боюнча 30 күндүк мөөнөттө айыптарды төлөөдө айыптардын суммасы 70%га азайтылды.

- Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн транспорт каражаттарын берүүлөр КНСтен бошотулду.

- Министрлер Кабинетине Салык кодексинде белгиленген салык ставкаларынын чектеринде социалдык маанидеги товарларга салыктын ставкаларын өзгөртүү укугу берилди.

- Киреше салыгы, КНС жана сатуу салыгы боюнча жеңилдиктер бериле турган мамлекеттик жана/же улуттук жана/же инвестициялык маанидеги уюмдардын тизмеси Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

- Баткен жана Ош облустарындагы мамлекеттик чек аранын кыргыз-тажик тилкесиндеги куралдуу кагылыштан жапа чеккен субъекттердин салыктык карыздарын кечирүү каралган.



# БАЖЫДАГЫ « БИР АЯЛДАМА» ПРИНЦИБИ

## ТОВАР КОНТРОЛДУН ТИЕШЕЛҮҮ ТҮРҮНӨН ГАНА ӨТӨТ

## Мамлекеттик контролдун 5 түрү

- санитардык-карантиндик
- ветеринардык
- фитосанитардык
- транспорттук
- бажылык



Бүгүнкү күндө өлкөбүздө бажылык башкаруунун сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуунун, бажы чөйрөсүндө заманбап инновациялык долбоорлорду киргизүүнүн эсебинен тышкы соодага көмөк көрсөтүү жана тышкы экономикалык иштин натыйжалуулугун камсыз кылуу - башкы милдеттердин бири болуп саналат.

Андыктан **«Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасындагы өткөрүү пункттарында мамлекеттик контроль маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алуунун максаты - чек арадагы мамлекеттик башкарууну жөнөкөйлөштүрүү жана ведомстволор аралык кызматташуу боюнча иштерди натыйжалуу уюштуруу үчүн мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүү пункттарында баштапкы документтик контролдоо жана каттоо функцияларын жеңилдетүү болуп саналат.

Кабыл алынган Мыйзамдын ченемдери бизнес өкүлдөрүнүн өткөрүү пункттарында болуу убактысын кыскартат, анткени буга чейин өткөрүү пунктуна келгенде, алар ар кандай продукциянын түрүнө карабастан, мамлекеттик көзөмөлдүн 5 түрүнөн (санитардык-карантиндик, ветеринардык, фитосанитардык, транспорттук, бажылык контролдон) өтүп келген.

Мындан ары бажы кызматындагы тобокелдиктерди тескөө системасы мамлекет тарабынан тиешелүү товарлардын түрлөрүнө гана контролдун жүргүзүлүшүн камсыз кылат (мисалы: цемент, курулуш материалдарын же кездемелерди ташыган ишкер ветеринарлардын, фитосанитарлардын көзөмөлүнөн өтпөөгө тийиш). Тактап айтканда, бул Мыйзам өткөрүү пункттарынан “Бир аялдама” принциби боюнча өтүүнү караштырат жана тышкы экономикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырган адамдарга жагымдуу шарттарды түзөт.

Мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүү пункттарында санитардык-карантиндик, ветеринардык, фитосанитардык жана транспорттук контролду ишке ашыруунун, анын ичинде өткөрүү пункттарында документтерди текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча чечимдерди кабыл алуунун тартиби, өткөрүү пункттарында көзөмөлгө алынган товарларды текшерип кароо учурлары, маалыматты жыйноо жана талдоо, алдын ала маалыматтар тартибин өзүнө камтыган тобокелдиктерди башкаруу боюнча чараларды ишке ашыруунун жана талдоонун тартиби Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.


## БУЛ ЭМНЕ БЕРЕТ?



- тескөөнү жөнөкөйлөтөт
- ишти натыйжалуу уюштурат
- өткөрүү пункттарында болуу убактысын азайтат
- өткөрүү пунктунан «Бир аялдама» принциби боюнча өтөт

Жогорку Кеңеш 2023-жылы 22-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 4-августта кол койгон.

# ТОВАР ӨТКӨРҮҮ ЖЕҢИЛДЕТИЛЕТ



Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасында мамлекеттик органдардын бизнес үчүн эң ыңгайлуу шарттарды түзүү саясаты жана стратегиялык багыттары аныкталып, мамлекеттик бийликтин бардык деңгээлдеринде өз функцияларын ишке ашырууда сервистик мамиленин принциптерине өтүү, административдик процесстерди, жол-жоболорду автоматташтыруу, санариптик мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү милдеттери белгиленген.

Бул багытта Жогорку Кеңеш тарабынан **«Бажылык жөнгө салуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган. Мыйзамдын максаты - бажы процесстерин оптималдаштыруу алкагында жарандар жана бизнес-коомчулук үчүн максималдуу ыңгайлуу шарттарды түзүү, бажылык жөнгө салуунун заманбап усулдарын жана маалыматтык технологияларды максималдуу колдонуу аркылуу бажы операцияларын ырааттуу жүргүзүү болуп саналат.

Кабыл алынган Мыйзам товарларды аралыктан электрондук декларациялоону колдонуу, товарларды импорттоодо бажы төлөмдөрүн төлөөнү тездетүү, электрондук формадагы декларацияны автоматтык түрдө каттоо жана чыгаруу, тобокелдик деңгээли төмөн категорияга кирген жактарга контролдук жүргүзүүнү азайтуу аркылуу бажы операцияларынын бардык баскычында тобокелдиктерди аныктоо процесстерин автоматташтыруу иш-аракеттерине багытталган.

Иш жүзүндө тышкы экономикалык ишмердүүлүктүн катышуучусу Бажы кызматынын маалымат системасындагы өзүнүн «Жеке кабинети» аркылуу бажы органына товарлардын декларациясын жана тиешелүү документтерди, маалыматтарды электрондук түрдө берет.

Электрондук маалыматтардын келип түшүүсүнүн жыйынтыгы боюнча берилген документтер жана маалыматтар тобокелдиктерди башкаруу системасы тарабынан текшерилет жана ал аяктагандан кийин система автоматтык түрдө төмөнкү коридорлордун түрлөрүнүн бирин тандап алат:

- жашыл коридор - система бажы органынын кызматкеринин катышуусуз товарларды автоматтык түрдө чыгарат;
- сары коридор - система берилген документтерди текшерүү зарылдыгын аныктайт. Бул учурда товарларды чыгаруу берилген документтер текшерилгенден кийин гана жүргүзүлөт;
- кызыл коридор - система товарларды текшерүү зарылдыгын аныктайт. Бул учурда товарлар система тарабынан аныкталган кызматкердин текшерүүсүнөн өткөндөн кийин гана чыгарылат.


**Товарды бажы кызматынын маалымат системасында каттоо**

- «Жеке кабинетке» кирүү
- Декларацияны, товардын документтерин бекитүү
- Тобокелдиктерди башкаруу системасында текшерүү

**Текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча товар үч коридордун биреөсүнө түшөт**

| Жашыл коридор | Сары коридор | Кызыл коридор |
| --- | --- | --- |
| 1. кызматкер текшербейт | 2. кызматер текшерүүсү мүмкүн | 3. кызматкердин текшерүүсү талап кылынат |

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 22-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 9-августта кол койгон.



# АВТОМОБИЛЬ ӨНДҮРҮШҮ ЖОЛГО САЛЫНАТ

Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган **«2023-жылдын 27-январында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Өзбекстан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз Республикасында автомобиль жана коммерциялык техника өндүрүшүн уюштуруу боюнча кызматташтык жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргызстандын аймагында автомобиль жана коммерциялык техниканы чыгаруучу заводду куруу боюнча инвестициялык долбоорду ишке ашыруу максатын көздөйт.

## МАКУЛДАШУУНУН ДОЛБООРУНА ЫЛАЙЫК, ЗАВОДДУ КУРУУ БОЮНЧА ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ДОЛБООРДУН ТӨМӨНКҮДӨЙ ҮЧ ЭТАПТА ИШКЕ АШЫРЫЛУУСУ КҮТҮЛҮҮДӨ:

- 1-этапта кыргыз жарандары үчүн 500 жаңы жумушчу орундары түзүлүп, 10 000 даана автомобиль чыгаруучу ири түйүндүк чогултуу ыкмасы боюнча өндүрүштү уюштуруу;
- 2-этапта кыргыз жарандары үчүн 1000 жаңы жумушчу орундары түзүлөт жана 20 000 даана автомобилдин өндүрүшү башталгандан кийинки 4-5 жылда алардын автокомпоненттери чыгарылат;
- 3-этапта бардыгы 30 000 даана автомобиль чыгарылгандан кийин, 6-жылы өндүрүштө чакан түйүндүк чогултуу ыкмасы боюнча өндүрүш уюштурулат.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 15-мартта кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 13-апрелде кол койгон.

# КЫРГЫЗ – АРАБ КЫЗМАТТАШТЫГЫ




**«2022-жылдын 31-октябрында Бириккен Араб Эмираттарынын Абу-Даби шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги менен Абу-Даби өнүктүрүү фондунун ортосундагы Кыргыз Республикасында Биргелешкен холдинг компаниясын түзүү боюнча кызматташтык жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынды.

Макулдашуунун алкагында Кыргыз Республикасында инфратүзүмдүк ири долбоорлорду жана бизнес долбоорлорун каржылоо мүмкүнчүлүгү бар биргелешкен холдинг компаниясы түзүлөт жана ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башкарылат. Компаниянын уставдык капиталы 100 млн. АКШ долларын түзүп, ар бир тарап акционердик капиталдын 50%ына ээлик кылат.

Компаниянын негизги максаты - Кыргыз Республикасынын аймагында артыкчылыктуу долбоорлорду (гидроэнергетика, айыл чарбасы, кайра иштетүү өнөр жайы, логистика, өндүрүш) каржылоо аркылуу өлкөдө жаңы өндүрүштөрдү ачуу болуп саналат. Анын дээрлик 1,2 млрд АКШ долларына чейин инвестицияларды тартууга мүмкүнчүлүгү бар. Бул өз кезегинде экономиканын өсүшүнө салым кошуп, Кыргызстанда жаңы жумуш орундарынын пайда болушуна жана жарандарыбыздын социалдык-экономикалык абалынын жакшыруусуна шарт түзмөкчү.


[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 9-февралда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 3-мартта кол койгон.

# ЖОЛ ЖАКШЫСЫ – ИЙГИЛИКТИН АЧКЫЧЫ

## Кыргызстандын жолдору

жалпы узундугу - **34 000 км**

**>50%** жалпы пайдалануудагы жолдор




- эл аралык жолдор - 4 306 км
- мамлекеттик жолдор - 5 840 км
- жергиликтүү жолдор - 8 816 км



[1]Жогорку Кеңеш 2023-жылы 12-апрелде кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 22-майда кол койгон.

Эгемендүүлүк алган учурдан тартып бүгүнкү күнгө чейин жол тармагына 2,666 млрд. АКШ доллары өлчөмүндө тышкы жардам тартылган (анын ичинен насыя – 2,360 млрд. АКШ долларына, грант – 305,85 млн АКШ долларына барабар).

Азыркы мезгилде Кыргызстанда республикалык маанидеги автожолдорду куруу жана реконструкциялоо боюнча бир катар долбоорлор ишке ашырылып жатат.

Негизинен, республиканын жол активдеринин наркы 45 млрд сомго чукул каражатты түзөт. Эгерде күнүмдүк оңдоолорго жана карап күтүүгө 2022-жылга чейин ар жыл сайын орточо 3 млрд сом бөлүнсө, каржылоонун көлөмү 2022-2023-жылдары 8 млрд сомго жетти.

Автомобиль жолдору жөнүндө буга чейинки мыйзамга бир канча жолу өзгөртүү киргизилгендигине карабастан, көрүлгөн аракеттер жөнгө салуу чөйрөсүн жакшыртууга түрткү бере алган эмес, башкача айтканда, экономиканын бул секторунда жөнгө салуунун эскирген, учур талаптарына шайкеш келбеген механизмдери кала берген.

Бүткүл дүйнөлүк экономикалык форум жарыялаган атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн акыркы жарыяланган глобалдык рейтингине ылайык, Кыргыз Республикасы автомобиль жолдорунун сапаты боюнча дүйнөнүн 141 өлкөсүнүн ичинен 113-орунду ээлеп, бир нече жылдардан бери эң начар жыйырма өлкөнүн арасында турат. Андыктан автомобиль жолдорунун жана жол курулмаларынын ушундай абалы кыргыз экономикасынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттыруудагы башкы тоскоолдуктардын бири болуп саналат.

Ушуга байланыштуу, Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган соңку **«Автомобиль жолдору жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы аталган чөйрөдөгү процесстерди өркүндөтүүгө багытталган жаңы маалыматтык технологияларды эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен колдонууга, автомобиль жолдорунун тармагын тейлөө жана өнүктүрүү боюнча милдеттерди ийгиликтүү ишке ашырууга укуктук негиздерди түзөт.

Соңку Мыйзам аркылуу автожол тармагын кеңейтүү жана улуттук жолдор тармагын дүйнөлүк унаа тармагына ийгиликтүү интеграциялоо, калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жана жол коопсуздугунун деңгээлин жогорулатуу максаттары коюлган. Бул өз кезегинде бизнес тармагынын жол жумуштарына жана инфратүзүмдүк долбоорлорго кеңири катышуусуна мүмкүнчүлүк бермекчи.

Жолдорду оңдоо, тейлөө үчүн каржылоонун жаңы булактарын издөө жана тартуу зарыл. Ата мекендик жана эл аралык адистердин изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары боюнча, акы төлөнүүчү автомобиль жолдорун, көпүрөлөрдү, жол өткөөлдөрүн, тоннелдерди куруп, ишке киргизүү мындай булактардын бири болуп калмакчы.

Эл аралык практикага ылайык, калктуу конуштарда коопсуз жол кыймылын уюштурууда кесилиштердеги жөө адамдардын коопсуздугу, унаа каражаттарын коопсуз жана ыңгайлуу башкаруу үчүн бөлүүчү тилкелерди, тосмолорду орнотуу каралды.

Жалпысынан, Мыйзам жол жумуштарын пландаштырууда жана каражаттарды сарамжалдуу пайдаланууда алдыңкы усулдарды киргизүүгө, жол кыймылынын коопсуздугун жакшыртуу боюнча артыкчылыктуу милдеттерди чечүүгө, ошондой эле акы төлөнүүчү автомобиль жолдорун куруу үчүн инвесторлорду тартып, жол тармагын натыйжалуу башкарууга жол ачат.

Учурда узундугу 200 чакырымга чукул жалпы колдонуудагы автомобиль жолдорун акы төлөнүүчү негизде иштөөчү жолдорго которуу мүмкүнчүлүгү бар. Мунун натыйжасында, алдын ала эсептөөлөр боюнча, республикалык бюджетке түшкөн каржылоо түйшүгү болжол менен 4-5%га азаят.



# СОЦИАЛДЫК МААНИЛҮҮ ТОВАРЛАРДЫН БААЛАРЫН ЖӨНГӨ САЛУУ




**«Баа түзүү жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы бааларды (тарифтерди) мамлекеттик жөнгө салуу системасын өнүктүрүү, эркин баа түзүүнүн жана бааларды (тарифтерди) мамлекеттик жөнгө салуунун укуктук жана экономикалык негиздерин өркүндөтүү максатында кабыл алынган.

Мыйзам бааларды түзүү жаатындагы мамилелерди жөнгө салуучу негизги ченемдик укуктук акт болуп саналат.

Буга чейин социалдык жактан маанилүү товарларга бааны мамлекеттик жөнгө салуу 1 айдын ичинде 20 жана андан ашык пайызга жогорулаганда киргизилген. Тажрыйба көрсөткөндөй, социалдык маанилүү товарларга баалардын өсүшү акырындык менен жүрүп, 20% өсүшкө жетпейт, мындайда социалдык маанилүү товарлар керектөөчүлөр үчүн анча жеткиликтүү болбой калат.

Социалдык жактан коргоо, калктын муктаждыктарын канааттандыруу жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу максатында, мыйзам менен бааларды жөнгө салуу үчүн чектик маани 20%дан 0%га чейин төмөндөтүлгөн. Бул зарыл болгон учурда социалдык маанилүү товарларга бааларды 90 календардык күндөн ашпаган мөөнөткө мамлекеттик жөнгө салууну өз убагында киргизүүгө мүмкүндүк берет.

**МЫЙЗАМДА БААЛАРДЫ КАРМАП ТУРУУНУН БАШКА ЧАРАЛАРЫ ДА КАРАЛГАН:**

- азык-түлүк рынокторунда социалдык маанилүү азык-түлүк товарларын сатуу үчүн соода орундарын берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер мамлекет тарабынан аныкталат;
- салык-бюджеттик, акча-насыялык, бажы-тарифтик жөнгө салуу, товардык же сатып алуу интервенциялары аркылуу мамлекет баа түзүү процессине таасир этет.

**СОЦИАЛДЫК МААНИЛҮҮ ТОВАРЛАР БОЮНЧА МАМЛЕКЕТ ТӨМӨНКҮЛӨРГӨ УКУКТУУ:**

- 90 күндөн ашпаган мөөнөткө бааларды жөнгө салууну киргизүүгө
- соода жайларына болгон ижаранын тарифтерин аныктоого
- баалардын коюлушуна таасир этүүгө

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 9-мартта кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 11-апрелде кол койгон.

# ФИНАНСЫ ПИРАМИДАЛАРЫ




Белгилүү болгондой, Кыргызстандын маалымат айдыңында коомдук ишмерлер, эл тааныган коомдук инсандар өздөрүнүн атак-даңкына жана беделине таянып финансылык пирамидаларды жарнамалаган учурлар кездешет.

Жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, экономикалык жана юридикалык сабаты жок айрым жарандарыбыз мындай коомдук инсандарга ишенип, топтогон каражаттарын финансылык пирамидаларга салышат, натыйжада бул кийин мамлекет ичиндеги социалдык, экономикалык жана саясий тең салмаксыздыкка түздөн-түз таасир этүүдө.

Мисалга алсак, 2022-жылдын ичинде финансылык пирамиданы иштетүүнүн кесепетинен 1052 адам жабыр тарткан, натыйжада, жалпысынан, 882 кылмыш иши козголгон. Мындан келтирилген жалпы материалдык чыгым 273 024 496 сомду жана 1 579 588 АКШ долларын түзгөн.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасында финансылык пирамидаларды жарнамалаган адамдарга карата жоопкерчиликти киргизүү зарылчылыгы келип чыкты. Жоопкерчиликтин киргизилиши менен жарандарды мындай иштерге кызыктырып, тарткан кылмыштуу аракеттердин алдын алып, жарандарды мыйзамсыз финансылык пирамидалардан коргоого мүмкүнчүлүк жаралды.

Жогоруда баяндалгандарды эске алып, **«Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүү киргизүү жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы аркылуу финансы пирамидасын ачык-айкын, жалпыга маалымдоо каржаттарын жана электрондук маалымат ресурстарын колдонуу менен жарнамалагандар үчүн 1500дөн 2000 эсептик көрсөткүчкө чейинки айып салуу жазасы киргизилди.

Демек, блогерлер, ар кандай уюмдардын активисттери жана башка коомдук инсандар тигил же бул каржы өнүмдөрүн жарнамалоого жоопкерчилик менен мамиле кылууга тийиш.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 5-апрелде кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 11-майда кол койгон.



# Кыргызстан – Россия ортосундагы билим берүү кызматташтыгы

**«2023-жылдын 29-мартында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы Кыргыз Республикасында орус тилинде окутуучу биргелешкен жалпы билим берүү уюмдарын куруу, түзүү жана иштетүү шарттары жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынды.

**Жалпы билим берүүчү**

**9** мектеп куруу мерчемделүүдө

**Алардын ар бири**

**1 224**

**окуучуга эсептелген**

Макулдашууга ылайык, өлкөбүздүн бардык облустарында, Бишкек жана Ош шаарларында долбоордук мүмкүнчүлүгү 1224 окуучуну камтыган 9 биргелешкен кыргыз-орус жалпы билим берүү уюмдарын куруу каралган. Ишке киргизилүүчү билим берүү уюмдары Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарына ылайык башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү программалары боюнча окутууну жүзөгө ашырат жана окууну ийгиликтүү аяктагандан кийин бүтүрүүчүлөргө эки үлгүдөгү – Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын аттестаттары берилет. Жалпы билим берүү уюмдарынын курулушу жана окутуу, тарбиялоо каражаттары, медициналык буюмдар, башка жабдуулар менен камсыздоо Россия тараптын эсебинен жүзөгө ашырылат. Мектептердин курулушу 2023-жылы башталып, алгачкы мектептер 2025-жылы ишке киргизилмекчи.

Жаңы мектептер Кыргыз Республикасында окуу орундарынын тартыштыгын азайтып, келечекте заманбап жана өнүккөн материалдык-техникалык базасы бар, алдыңкы билим берүү борборлорунан болоруна ишеним артылууда.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 1-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 22-июнда кол койгон.



# МУГАЛИМДИ УРМАТТАЙЛЫ!


Өлкөбүздө акыркы жылдары окуучулар жана алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) тарабынан педагогикалык кызматкерлерди мазактоо, ал тургай кол салуу окуялары көбөйүп жаткандыгы коомчулукту катуу тынчсыздандырууда.

Эң негизгиси - билим берүүнүн сапатынын төмөндөшүнө жана «Мугалимдин статусу жөнүндө», «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында таанылган жана кепилденген педагогикалык кызматкерлердин коомдогу өзгөчө укуктук статусунун төмөндөөсүнө алып келүүдө.

Ушуга байланыштуу, Жогорку Кеңеш тарабынан **«Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды.

Мыйзамга ылайык, өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарып жаткан педагогикалык кызматкерге карата жаман сөздөр, адепсиз жүрүм-турум, кордоп тийишүү, адепсиз жаңсоолорду көрсөтүү ж.б. сыйлабастык мамиле үчүн жоопкерчилик киргизилди.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 12-январда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 15-февралда кол койгон.




## КЕПИЛДИККЕ АЛЫНАТ:

- эмгек акы
- иштөө жана эс алуу убактысы
- башка компенсациялар

## АРАЛЫКТАН ИШТЕГЕНГЕ УКУК БАР

## ИШТӨӨГӨ КОШУМЧА МҮМКҮНЧҮЛҮК БЕРИЛЕТ:

- кош бойлуу аялдарга
- ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга
- убактылуу ишке жөндөмсүз жумушчуларга

Белгилүү болгондой, 2020-жылдагы COVID-19 пандемиясынан улам келип чыккан эпидемиологиялык кырдаалдын натыйжасында, эмгек келишимин ага аралыктан иштөөнү киргизүү менен колдонуу актуалдуулугу келип чыккан. Көптөгөн мамлекеттик органдар, менчигинин түрүнө карабастан мекемелер жана уюмдар аралыктан иштөөгө аргасыз болушкан. Бирок, ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында аралыктан иштөөнү жөнгө салууга багытталган тиешелүү ченемдер болгон эмес жана мындай учурларда жумушчулардын кызыкчылыктары талаптагыдай корголбой келген. Андыктан бизнестен жана мамлекеттик органдардан, ошондой эле Эл аралык эмгек уюмунан келип түшкөн сунуштарды эске алып, **«Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган.

Эмгек кодексине киргизилген өзгөртүүлөр иш берүүчү тарабынан жумушун аралыктан аткарган кызматкерлерге, жумушчуларга берилген же алардын өз эсебинен сатылып алынган жабдууларды жана маалыматташтыруу объекттерин пайдалануу менен жумушун үйдө аткарууга мүмкүнчүлүк түздү. Киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, аларга эмгек акы, иштөө жана эс алуу убактысы, эмгек өргүүсү жана башка шарттар кепилденет.

Аталган ченемдерден тышкары, бул Мыйзамдын кабыл алынышы менен кош бойлуу аялдардын, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын, ошондой эле убактылуу эмгекке жарамсыз кызматкерлердин ишти аралыктан аткаруусу үчүн кошумча мүмкүнчүлүк пайда болду. Ошондой эле бизнес чөйрөсүндө алектенген адамдар үчүн дагы экономикалык жактан пайдалуу шарттар түзүлдү, себеби иштин айрым түрлөрүн аткаруу үчүн атайын кеңсени же башка имаратты ижарага алуу түйшүгү жана башка муктаждыктар чечилет.

[1] Жогорку Кеңеш 2022-жылы 16-ноябрда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2022-жылы 23-декабрда кол койгон.

# ЫКТЫЯРЧЫЛАР ЖӨНҮНДӨ

Ыктыярчылардын иши коом үчүн канчалык маанилүү жана керектүү экендиги коронавирус пандемиясында жана чек арадагы жаңжалдар учурунда өзгөчө билинди. Ошол мезгилде ыктыярчылар өз убактыларын, каражаттарын, ден соолугун аябай, материалдык же финансылык кызыкчылыктарды көздөбөстөн, өз ыктыяры менен жапа чеккендерге жардам берип жатышты.

Азыркы кезде ыктыярчылардын коомдогу ролу өсүп, алардын катарын толуктоого кызыккан жарандар көбөйүүдө. Ошол эле учурда, алардын иш-аракеттери мыйзамдуу түрдө жөнгө салынбай, статусу расмий белгиленбей келген.

Ушуга байланыштуу, ыктыярчылык иштин ченемдик укуктук базасын түзүү, бул чөйрөдө мамлекеттик саясаттын принциптерин аныктоо максатында Жогорку Кеңеш тарабынан **«Ыктыярчылык иш жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды.

Аталган Мыйзамда ыктыярчылык иштин маңызын чечмелеген түшүнүктөр, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыктыярчылык иш чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары аныкталган. Ошондой эле ыктыярчылык ишти жүргүзүүнүн шарттары жана тартиби белгиленген.

Мыйзам социалдык милдеттерди чечүүдө жана коомдук маанилүү иш-чараларды өткөрүүдө мамлекетке, мекемелерге, ишканаларга, уюмдарга, жеке жактарга жашоо-тиричиликтин коопсуздук негиздери тууралуу маселелерде көмөктөшүүгө, алгачкы жардамды көрсөтүүгө, экологиялык коргоо үчүн калктын ар түрдүү категорияларына жардам берүүгө ыңгайлуу шарттарды түзөт.



[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылдын 15-февралда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылдын 31-мартта кол койгон.





# АЙДООЧУЛАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ КҮЧӨТҮЛДҮ

Кыргыз Республикасында 2017-2021-жылдар аралыгында жол-транспорт кырсыктарынын 32 369 учуру катталган, андан 4006 адам каза болуп, 49 639 адам жабыр тарткан. Айтылган жол-транспорт кырсыктарынын көпчүлүгү, тактап айтканда, 28142си (86,9%ы) айдоочулардын күнөөсүнөн улам орун алган.

Бул кырсыктарга айдоочулардын транспорт каражатын мас абалында айдоосу, каршы кыймылдын тилкесине чыгуусу, ылдамдык режиминен ашыра айдоосу, автоээнбаштыктар, ж.б. себепчи болууда.

Мындай жол кыймылынын эрежелерин бузуулар орду толгус оор кесепеттерге алып келип, коомдук коопсуздукка олуттуу зыян келтирүүдө.

Ушуга байланыштуу, Жогорку Кеңеш жол-транспорт кырсыктарын болтурбоо жана айдоочулук тартипти чыңдоо, жол эрежелерин одоно бузган айдоочулар үчүн жоопкерчиликти күчөтүү максатында **«Кыргыз Республикасынын жол кыймылынын коопсуздугу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алды.

2017-2021 - жылдардагы жол кырсыктары

**32 369** учур

Айдоочулардын күнөөсү боюнча кырсыктар **86,9%**

Жол кырсыгынан каза болгондор

**4 006** киши

Жаракат алгандар

**49 639** киши

[1] Жогорку Кеңеш 2022-жылы 29-декабрда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 15-февралда кол койгон.



**Мыйзам кабыл алынгандан кийин жазалар күчөтүлдү :**

- Мас абалында автомобиль башкаргандыгы үчүн
- 1 жылга айдоо укугунан ажыратылат
- Ашып өтүү эрежелерин бузгандыгы же болбосо каршы жолго чыккандыгы үчүн
- 150 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салынат
- Автоэээнбаштык үчүн
- 150 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып салынат
- Кайталап эреже бузгандыгы үчүн
- айдоо укугунан 6 айга ажыратылат

Мыйзамга ылайык, мындан ары алкоголь, баңгизат, психотроптук жана башка мaң кылуучу заттар менен мас абалында транспорт каражатын башкаргандыгы үчүн айдоочуну транспорт каражатын башкаруу укугунан 1 жылдык мөөнөткө ажыратуу жазасы каралды. Ал эми мас абалында транспорт каражатын башкарууга укугу жок адам транспорт башкарса 3 суткага камакка алуу менен жазаланат.

Каршы кыймыл тилкесине чыгуу менен озуп өтүү же болбосо маневр жасоо эрежелерин бузгандыгы үчүн 150 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салуу ченеми каралды.

Мындан тышкары, автоээнбаштык үчүн айып пулдун ченеми 75 эсептик көрсөткүчтөн 150 эсептик көрсөткүчкө жогорулады, ушул эле эрежени бузуу жыл ичинде кайталанып жасалса - транспорт каражатын башкаруу укугунан 6 айлык мөөнөткө ажыратылмакчы.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин соңку маалыматына ылайык, 2023-жылдын 8-мартынан тартып бүгүнкү күнгө чейин 1800дөн ашуун айдоочу мас абалында унаа айдагандыгы үчүн унаа башкаруу укугунан ажыратылган.



# ЛЕБЕДИНОВКА ГЭСи РЕКОНСТРУКЦИЯЛАНАТ

“Чакан ГЭС” ААКына тиешелүү кубаттуулугу 7,6 МВтны түзгөн Лебединовка ГЭСи 1948-жылы пайдаланууга берилген.

ГЭС эки гидроагрегаттан туруп, өзүнүн эксплуатациялоо мөөнөтүн иштеп бүткөндүктөн, аларды жана көмөкчү системаларды жаңы заманбап жабдууларга алмаштыруу менен реконструкциялоо, модернизациялоо зарылчылыгы келип чыккан эле. Учурда ГЭСтеги гидрогенераторлордун пайдалуу иш-аракетинин коэффициенти алардын мүмкүнчүлүк, кудуретине салыштырмалуу өтө аздыгы электр энергиясын иштеп чыгуунун төмөндөшүнө алып келди (мисалы, №2 гидрогенератор 1,8 МВт иштеп чыгат, бул белгиленген кубаттуулуктан 50%га төмөн).

Эми мындай мүчүлүштүк **«2023-жылдын 3-мартында Лондон шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы кредиттик макулдашууну («Лебединовка ГЭСин реконструкциялоо» долбоору) жана Кыргыз Республикасы, «Чакан ГЭС» ачык акционердик коому менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы гранттык макулдашууну («Лебединовка ГЭСин реконструкциялоо» долбоору) ратификациялоо жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы аркылуу жоюлмакчы.

European Bank
for Reconstruction and Development

**8,8 млн €** - насыя

(насыя мөөнөтү 15 жыл, анын ичинен: 4 жылы-1%дык женилдик берилген мезгил+6 айлык Euribor ставкасы, насыя берүү үчүн бир жолку комиссия-1%, каражат берүү үчүн комиссия-0,15%)

**5,0 млн €** - грант

Келишимге ылайык, Лебединовка ГЭСин калыбына келтирип, анын натыйжалуулугун жогорулатуу мерчемделген. Жыйынтыктап айтканда, долбоорду ишке ашыруу Лебединовка ГЭСинде электр энергиясын өндүрүүнү жылына 34,2 ГВт/сааттан 53,5 ГВт/саатка чейин көбөйтүүгө мүмкүндүк берип, өндүрүм 56%га арбымакчы.

Реконструкциялоонун, жаңылоонун негизинде ГЭС калыбына келтирилет, анын иштөө мөөнөтү узаруусу менен бирге ишкананын кирешеси артат жана экономикалык туруктуулугу бекемдейт.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 7-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 20-июнда кол койгон.



# ЭНЕРГЕТИКА ТАРМАГЫН САНАРИПТЕШТИРҮҮ

Калкты жана ишканаларды электр энергиясы менен ишенимдүү камсыз кылуу, республиканын энергетика тармагынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Жогорку Кеңеш тарабынан “2022-жылдын 5-октябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын (Дүйнөлүк банктын) ортосундагы **«Электр энергетика секторун модернизациялоо жана туруктуу өнүктүрүү» долбоору боюнча каржылоо жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган.

Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы тарабынан 50 млн. АКШ доллары суммасында каржыланган “Электр энергетика секторун модернизациялоо жана туруктуу өнүктүрүү” долбоору бөлүштүрүүчү тармактарды реабилитациялоо жана энергияны эсепке алуу системасын санариптештирүү жолу менен электр энергетикасы секторунун финансылык жана операциялык туруктуулугун жакшыртууга багытталган.

IDA | International Development Association
WORLD BANK GROUP

## КАРЖЫЛООНУН ШАРТТАРЫ:

- насыя берүү мөөнөтү – 38 жыл;
- жеңилдетилген мөөнөт – 6 жыл;
- насыя каражаттарды пайдалануунун жылдык пайыздык чени – 0,75%;
- максималдуу резервация комиссиясы – жылдык 0,5%;
- долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү – 5 жыл.

Долбоор 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасына толугу менен шайкеш келет жана анда электр энергиясынын жоготууларын азайтуу, электр энергиясын эсепке алууну башкарууда эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу жана акча каражаттарын жыйноо көрсөткүчтөрүн жакшыртуу талаптары коюлган.

## ДОЛБООРДУН АЛКАГЫНДА **50 МЛН $** КАРАЖАТ ТӨМӨНКҮДӨЙ БАГЫТТАРДА ӨЗДӨШТҮРҮЛӨТ:

**10 млн $** - системадагы жоготууларды азайтууга жана эскирген, ашыкча жүктөлгөн айрым участокторду электр жарыгы менен толук кандуу камсыздоого;

**35 млн $** – бөлүштүрүү тармагын санариптештирүүгө жана коммерциялык жоготууларды азайтууга;


**3 млн $** - социалдык коргоо тутумдарын чыңдоого, консультациялык кызматтарга, окутууларга, программалык жана техникалык камсыздоого, эксплуатациялык чыгымдарга;

**2 млн $** - энергетика секторунун артыкчылыктуу реформаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга, энергетикалык секторду башкарууну чыңдоого, энергетикадагы кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн керектүү институционалдык дараметин өнүктүрүүгө багытталган.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 6-апрелде кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 11-майда кол койгон.

# Жашыл энергиянын кудурети

## 9,8 млрд кВт/с



Кыргыз Республикасынын энергетика тармагындагы энергиянын таңкыстыгы учурда эң актуалдуу көйгөйлөрдүн бири болууда. Аны жоюу максатында бүгүнкү күндө мыйзамдардын жана тиешелүү мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп жатат.

Кыргыз Республикасында жылына ири суу электр станциялары, Бишкек жылуулук электр борбору жана чакан ГЭСтер аркылуу орто эсеп менен 14-15 млрд кВт/саат электр энергиясы өндүрүлөт, анын 93%ы 7 ири суу электр станцияларынан иштелип чыккандыктан, мамлекеттин муктаждыктары негизги суу сактагычтарда суунун топтолуусуна жараша болот.

Учурда керектөөчүлөрдүн энергияга болгон муктаждыгы жылдан-жылга көбөйүп, мурунку жылдарга салыштырмалуу, өндүрүлгөн электр энергиясынын көлөмү менен керектөөнүн айырмасы орто эсепте жылына 3 млрд кВт/саатка жетип жаткандыгы байкалууда жана мындан ары дагы ушул тенденциянын уланышы күтүлүүдө.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 22-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 9-августта кол койгон.


Ушуга байланыштуу, акыркы жылдары мамлекет өзүн-өзү электр энергиясы менен камсыздай албай калган жылдары коңшу өлкөлөрдөн электр жарыгын импорттого мажбур.

Көп жылдардан бери орун алып келе жаткан бул көйгөйдү чечүүнүн жолдорунун бири - энергия кайра жаралуучу булактарды (ЭКБ) эффективдүү колдонуп, мамлекеттин энергетикалык кубаттуулугун бекемдөө болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын аймагында изилденген чакан дарыялардын жана суу агымдарынын жалпы гидроэнергетикалык кудурети жылына болжол менен 80 млрд кВт/саатка бааланат, анын ичинен техникалык жактан өздөштүрүүгө мүмкүн болгон энергиянын көлөмү орто эсеп менен 5-8 млрд кВт/саатты түзөт.

Акыркы изилдөөлөргө таянсак, шамалдан жана күн энергиясынан электр энергиясын өндүрүп чыгуу кудуретинин көлөмү 9,8 млрд кВт/саат деп болжолдонууда.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, ЭКБны натыйжалуу колдонуп, мамлекеттин энергетикалык коопсуздугун камсыз кылуу, керектөөчүлөргө жетиштүү электр энергиясын жеткирүү максатында, Жогорку Кеңеш тарабынан **«Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө «Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды.




## ӨЗГӨРТҮҮЛӨР ТӨМӨНКҮДӨЙ НЕГИЗГИ ИШ-АРАКЕТТЕРДИ КАМТЫЙТ:

- шамал, күн, биомассанын жана жердин энергиясын пайдалануу менен жашыл энергияны өндүрүп чыгаруучу субъекттер үчүн жогорулатылган баада сатып алуу кепилдигинин мөөнөтү 15 жылдан 25 жылга чейин узартылды;

- жеке менчик үй чарбалары үчүн күндүн энергиясын колдонуу менен чакан күн электр станцияларын орнотуу, өзүн-өзү электр жарыгы менен камсыз кылып, арткан электр жарыгын мамлекеттик энергетика ишканаларына пайдалуу тарифтер менен сатуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү;

- энергетика тармагындагы ишканалар тарабынан өндүрүлгөн электр энергиясын эсепке алган маалыматтарды автоматтык түрдө ыкчам чогултуу, иштетүү жана аларды талдоо боюнча бирдиктүү электрондук маалымат базасына киргизүү үчүн ченемдер белгиленди;

- курчап турган чөйрөнү коргоо, суу объекттеринин гидрологиялык режимдерин өзгөртүүгө алып келүүчү аракеттерге жол бербөө жана рекультивациялык иш-чараларды кыйшаюусуз аткаруу боюнча ченемдер киргизилди.

# ГМО

КОРКУНУЧТУУ! КОРКУНУЧТУУ! КОРКУНУЧТУУ! КОРКУНУЧТУУ! КОРКУНУЧТУУ!



## ОРГАНИКАЛЫК АЗЫК - ДЕН СООЛУККА КАМКОРДУК

Дүйнөгө аты таанымал илимий изилдөө институттарынын акыркы изилдөөлөрүнө ылайык, өнүккөн өлкөлөрдө жарандардын ден соолугу соңку 30-40 жылда кескин начарлап, репродукциялык мүмкүнчүлүгү 50%га азайган, башкача айтканда, көпчүлүгү балалуу болбой калуу илдетине кабылышууда. Мындан тышкары, рак, аллергия ж.б. оорулардын санынын көбөйүшү байкалууда.

Мындай өкүнүчтүү абалдын келип чыгышынын негизги себептеринин бири - адамдардын пестициддер, минералдык жер семирткичтер, синтетикалык заттар, ар кандай кошулмалар берилип өстүрүлгөн азык-түлүк менен тамактануусу жана пластиктен жасалган идиш, буюмдарды колдонуусу болууда.

Ушуга байланыштуу, органикалык өндүрүштү өнүктүрүүгө жана жайылтууга мезгил келип жетти.

Дүйнө жүзүндө органикалык продукцияга муктаждык күндөн-күнгө жогорулап, анын жылдык көлөмү 120 млрд еврого жетти же жылдык өсүүсү 13%ды түздү. Ошол эле учурда, органикалык ыкмада өндүрүлгөн азык-түлүктөрдүн баасы дүйнөлүк рынокто болжол менен 30-40%дан жогору экендигин белгилеп кетүү зарыл.

ОРГАНИКАЛЫК АЗЫКТАРДЫН ЖЫЛДЫК КӨЛӨМҮ

**120€**

**миллиард евро**

КЕРЕКТӨӨ РЫНОГУНУН АР ЖЫЛДЫК ӨСҮШҮ

**+13%**

## 63 400 га органикалык жер катары иштетилет

Ошентсе да 8 айыл чарба кооперативинин гана эл аралык органикалык сертификаты бар. Алар болгону 21 100 га жерди иштетет.

**КӨЙГӨЙДҮН ЖАРАЛГАН СЕБЕБИ:**

Лабораториялык анализи жок сертификат же күбөлүк алган дыйкандар өз продукциясын Кыргызстандын алкагында 13 органикалык аймакта - 39,6 миң га, 9 аймакта - 2,7 миң га жерде PGS системасына ылайык сатууда. Жалпысынан, өлкөбүздө 63,4 миң га аянт органикалык жер катары иштетилет.

Бул көйгөйдүн келип чыгуусуна Кыргызстанда эл аралык стандарттагы органикалык сертификаттарды берүүчү органдардын, тиешелүү анализдерди жүргүзүп, чыгаруучу лабораториялардын жоктугу жана аталган сертификаттарды чет өлкөдөн кымбат баада алуусу себеп болууда.




Жогоруда аталган маселелерди чечүү жана органикалык өндүрүштү өнүктүрүү, жайылтуу максатында Жогорку Кеңеш **«Органикалык өндүрүш жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алды.

**АТАЛГАН МЫЙЗАМ КЫРГЫЗСТАНДЫ ОРГАНИКАЛЫК ӨЛКӨГӨ АЙЛАНДЫРУУ ҮЧҮН ТӨМӨНКҮДӨЙ ИШ-ЧАРАЛАРДЫ АТКАРУУГА МҮМКҮНЧҮЛҮК БЕРЕТ:**

- өсүмдүктөрдү органикалык азыктын элементтери менен камсыздоого, органикалык жер семирткичтерди жана топуракты иштетүүнүн ар кандай усулдарын пайдалануу менен өсүмдүктөрдү коргоонун биологиялык ыкмаларын активдүү пайдаланууга;
- органикалык продукцияны өндүрүүнүн жана керектөөнүн эсебинен улуттун саламаттыгын жакшыртууга;
- айлана-чөйрөнүн булганышын азайтууга;
- өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун жогорулатууга;
- фермердик жана табигый продукция чыгарган чарбаларды колдоого;
- органикалык продукцияны тастыктаган лабораторияларды курууга;
- дыйкандардын эл аралык стандарттагы органикалык сертификаттарды (анын ичинде PGS системасында) жеңилдетилген шартта алуусуна;
- зыяндуу пестициддерди, химикаттарды жана антибиотиктерди импорттоону жана өндүрүүнү көзөмөлгө алууга;
- дыйкандардын органикалык продукциясын жогорку баада экспорттоого;
- аскер бөлүктөрүн, мектептерди, бала бакчаларды органикалык тамак-аш менен камсыздоого;
- органикалык продукциянын кошумча нарк чынжырчасын жана маркетинг маселелерин чечүүгө, эл аралык көргөзмөлөр аркылуу кыргыз органика брендин дүйнөгө таанытууга.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 9-февралда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 23-мартта кол койгон.

# КАЛДЫКТАРДЫ БАШКАРУУ




Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын аймагында 400дөн ашык таштанды таштоочу жай бар, анын ичинен 100дөн ашыгы атайын жай катары аныкталып иштетилет. Буларда жайгашкан бардык таштандылардын жалпы салмагы 16,5 млн тоннаны түзөт.

**КАЛДЫКТАРДЫ БАШКАРУУ ЖААТЫНДА БИР КАТАР КӨЙГӨЙЛӨР АНЫКТАЛГАН, ТАКТАП АЙТКАНДА:**

• калдыктарды башкаруучу жана жөнгө салуучу органдардын ортосунда өз ара аракеттенүүнүн так механизмдери аныкталбагандыгы;
• калдыктардын жаралышын жана утилдештирүүнү көзөмөлдөө системасынын натыйжасыздыгы;
• таштандыларды башкаруу менен алектенген чакан жана орто ишканалар үчүн каржылык колдоонун жоктугу;
• калк арасында таштандыларды ар кандай категорияларга бөлүү маданиятынын жоктугу

Алдыңкы өлкөлөрдүн тажрыйбаларына кайрылсак, аларда таштандыларды өзүнчө чогултуу системасы калыптангандыктан, кайра иштетүүнүн жана утилдештирүүнүн натыйжалуулугу кыйла жогору. Өлкө калкынын көпчүлүгү бул системага жигердүү катышып, таштандыларды органикалык жана органикалык эмес компоненттерге, ошондой эле кайра иштетиле турган калдыктарга бөлүп беришет.

Белгилей кетүүчү жагдай, көптөгөн өлкөлөрдө калдыктарды башкаруу жана иштетүү кирешелүү тармак болуп саналат.

Азыркы мезгилде Кыргызстанда өндүрүш жана керектөө калдыктарын чогултуу, кайра иштетүү менен 300гө жакын ишкана алектенет, бирок алар калдыктардын түрлөрүнөн пластиктерди гана кайра иштетишет.

Жогорудагы айтылгандарды эске алып, адамдардын ден соолугун жана айлана-чөйрөнү коргоо максатында Жогорку Кеңеш **«Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамын кабыл алды.

Мыйзамга ылайык, калдыктар менен иштөө процессин жөнгө салуучу жана аларды жаңы товарларды өндүрүү үчүн чийки зат катары пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү система жана механизм түзүлмөкчү. Мындай система узак мөөнөттүү келечекте таштандылардын пайда болушун азайтуу, ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жана экономикалык пайдалуулугун жогорулатуу үчүн маанилүү курал болуп саналат.

Ошол эле учурда, Мыйзам аркылуу ишканаларга калдыктарды коопсуз зыянсыздандыруунун, сактоонун, утилдештирүүнүн милдеттери коюлду.

[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 29-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 15-августта кол койгон.

# ПАЙДАСЫ ЖОК ПАКЕТТЕР

**«Кыргыз Республикасынын аймагында полимер пленкасынан пакеттерди жүгүртүүнү чектөө жөнүндө»**[1] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Жогорку Кеңеш тарабынан полимердик материалдардын адам ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө зыяндуу таасирин азайтуу максатында кабыл алынган.

Азыркы мезгилде дүйнө жүзүндө жылына 400 млн тонна пластик өндүрүлөт, бул бүткүл планета боюнча ар бир адамдын башына 53 кг пластик туура келет дегендик. Жеңилдиги, датка абдан туруктуулугу, абанын таасирине, кычкылдыктарга, шакарга жана химиянын башка зыяндуу өнүмдөрүнө туруктуулугу, электрди жана жылуулукту мыкты сактай алгандыгы, ызы-чууну өткөрбөгөндүгү, форма түзүүдөгү чексиз мүмкүнчүлүгү, наркынын төмөндүгү сыяктуу көптөгөн өзгөчөлүү касиеттерге жана сапаттарга ээ болгондуктан, пластик өнөр жайдын бардык чөйрөлөрүндө кенен колдонулууда. Андыктан пластик бүгүнкү күндө эң кеңири жайылган материалга айланды. Мисалы, пластиктен жасалган товардын бир гана түрү - пакеттер дүйнө жүзүндө ар бир мүнөт сайын 2 млн даанага жакын сатылат.

Кыргызстан бүгүнкү күндө айына 250 тонна, же жылына 3 000 тонна пакет импорттойт. Полимер пленкасынан жасалган пакеттер текши колдонулуп, жеткиликтүү жана баасы төмөн болгондуктан, башка бир да альтернативдүү таңгактоочу материалдар аны менен атаандаш боло албай турат.

Полимер материалдарынан жасалган бир жолку таңгактоочу материалдар, орточо алганда, 20 мүнөт колдонулат, андан кийин булганган түрүндө топтолуп, таштанды полигондорунда жана катуу тиричилик калдыктарынын таштандыларында узак мезгил бою сакталып кала берет. 2-5 ай аралыгында табигый шартта майдаланып, жок болуп кете турган кагаз таңгактарга салыштырмалуу, пластик оңой менен бузулуп, бүлүнбөйт жана айлана-чөйрөнүн таасирлерине туруктуу. Экономикалык жактан пайдалуу болбогондуктан, пакеттер сорттолуп, кайра иштетүүгө алынбай, ушундан улам айлана-чөйрөгө өтө оор зыян келтирүүдө.

Тиричилик таштандыларынын калк тарабынан иштетилип чыгышы ар жыл сайын 4-5%га көбөйүүдө. Ошентсе да, ар бир тургун жылына 300 кг. таштанды чыгарган шаарларда экологиялык көйгөй курчуунун үстүндө. Анын негизинде башаламан таштанды жайлар көбөйүп, ачылган таштанды полигондору башкарылбай келет.

Пластик таштандылары адамга келтирген зыянды, ошондой эле экологиялык коопсуздукту жана айлана-чөйрөнү коргоо үчүн чечкиндүү чараларды кабыл алуу керектигин эске алып, мамлекет тарабынан бүгүнкү күнү олуттуу коркунуч жараткан бир жолку пластик пакеттеринин контролсуз колдонулушуна бөгөт коюу зарылдыгы жаралды. Мындай тыюу салуу иштери жүргүзүлсө, пластик таштандыларынын көлөмү бир кыйла азайып, анын адам баласынын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө зыяндуу таасири кыскарарын дүйнөлүк тажрыйба көрсөтүүдө.

Аталган Мыйзам 2024-жылдын 1-январынан тартып полимердик пленкадан пакеттерди өндүрүүгө, ушул эле жылдын 1-июнунан тартып полимердик пленкадан жасалган пакеттерди сатууга, соода жана тейлөө чөйрөсүнө пакеттерди ташып келүүгө, акысыз берүүгө тыюу салат.

ШААРДЫН АР БИР ТУРГУНУ ЖЫЛЫНА ЫРГЫТКАН ТАШТАНДЫНЫН ОРТОЧО КӨЛӨМҮ

**300кг**



[1] Жогорку Кеңеш 2023-жылы 29-июнда кабыл алган.
Кыргыз Республикасынын Президенти 2023-жылы 9-августта кол койгон.

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫГЫ (ИШ-ЧАРАЛАРДЫН САНЫ)

- Россия Федерациясы - 30
- Өзбекстан Республикасы - 14
- Казакстан Республикасы - 13
- Түркия Республикасы - 10
- Германия Федеративдик Республикасы - 7
- Япония - 6
- АКШ - 6
- Латвия - 5
- Корея Республикасы - 5
- Азербайжан Республикасы - 4
- Франция Республикасы - 4
- Австрия Республикасы - 3
- Түркмөнстан - 2
- Беларусь Республикасы - 2
- Армения Республикасы - 2
- Камбоджа - 2
- Грузия - 2
- Малайзия - 2
- Швейцария - 2
- БАЭ - 1
- Великобритания - 1
- КЭР - 1
- Бельгия Королдугу - 1
- Эстония - 1
- Канада - 1
- Шри-Ланка - 1
- Египет - 1
- Польша Республикасы - 1
- Иран Ислам Республикасы - 1
- Пакистан Ислам Республикасы - 1
- Бахрейн - 1
- Венгрия - 1
- Италия - 1
- Чили - 1

### Жогорку Кеңештин депутаттарынын чет өлкөлөргө болгон иш сапарлары
(иш сапарларынын саны)

- Ата-Журт Кыргызстан - **64**
- Ишеним - **25**
- Ынтымак - **20**
- Альянс - **28**
- Бүтүн Кыргызстан -**14**
- Ыйман Нуру - **17**
- Элдик - **38**
- Мекенчил - **51**
- Депутаттар* - **8**

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК МЕЙМАНДАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУЛАРЫ

- **2** чет өлкөлүк мамлекет жана өкмөт башчылары
- **18** парламенттин спикерлери
- **1** парламенттер аралык уюмдардын башчылары жана өкүлдөрү
- **9** чет мамлекеттин элчилери
- **6** эл аралык уюмдун өкүлдөрү
- **3** чет өлкөлүк парламенттин депутаттары
- **6** башка делегациялар

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК УЮМДАР МЕНЕН КЫЗМАТТАШТЫГЫ

| | |
|---|---|
| Азия Парламенттик Ассамблеясы (АРА) | 1 |
| Азиянын суу боюнча Парламенттер аралык консультациялык кеңеши (AAWC) | 1 |
| Курчап турган чөйрөнү коргоо жана өнүктүрүү боюнча Азия-Тынч океан парламентарийлеринин конференциясы (APPCED) | 1 |
| Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясы (ЕКПА) | 4 |
| ЕККУ Парламенттик Ассамблеясы (ЕККУ ПА) | 3 |
| Жамааттык Коопсуздук жөнүндө Келишим Уюмдарынын Парламенттик Ассамблеясы (ЖККУ ПА) | 5 |
| Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы (ТүркПА) | 6 |
| КМШ Парламенттер аралык Ассамблеясы (КМШ ПАА) | 18 |



## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРГӨ САПАРЛАРЫ ЖАНА ЖОЛУГУШУУЛАРЫ

Мамлекеттер аралык мамилелерди чыңдоодо парламенттик дипломатиянын өзгөчө ролу бар экендигин белгилей кетүү керек. Анткени парламенттик дипломатия тышкы саясаттын ажырагыс бөлүгү болуу менен эл аралык мамилелердин мазмунуна, даражасына жана өнүгүү келечегине чоң таасирин тийгизет. Бул багытта Жогорку Кеңеш парламенттер аралык кызматташтыктын алкагында ТүркПА, КМШ ПАА, ЖККУ ПА өңдүү эл аралык уюмдар менен тыгыз кызматташып, башка мамлекеттердин парламенттери менен жигердүү иш жүргүзүүдө.

Сессия мезгилинде Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев баштаган парламенттик делегация Түркия Республикасына, Россия Федерациясына, Казакстан Республикасына жана Корея Республикасына расмий иш сапары менен барып, жогорку деңгээлдеги жолугушууларды өткөрдү. Мындан тышкары, Төрага парламенттер аралык уюмдардын жыйындарына жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн парламент башчыларынын биринчи форумуна катышты.

### РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ

**КР ЖК Төрагасы Н. Шакиевдин Россия Федерациясынын Москва шаарына болгон расмий сапары** , 2023-жылдын 25-26-апрели.

Эки тараптуу жолугушуулар:
• Россия Федерациясынын Федералдык Жыйынынын Мамлекеттик Думасынын Төрагасы В. Володин;
• Россия Федерациясынын Федералдык Жыйынынын Федерация Кеңешинин Төрайымы В. Матвиенко менен.

### ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ

**КР ЖК Төрагасы Н. Шакиевдин Түркия Республикасынын Анкара шаарына расмий сапары**, 2022-жыл 22-24-ноябрь.

Эки тараптуу жолугушуулар:
• Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынынын Төрагасы М. Шентоп менен.

### КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ

**КР ЖК Төрагасы Н. Шакиевдин Казакстан Республикасынын Астана шаарына расмий сапары**, 2023-жылдын 26-28-июну.

Эки тараптуу жолугушуулар:
• Казакстан Республикасынын Президенти К.-Ж. Токаев;
• Казакстан Республикасынын Парламентинин Сенатынын Төрагасы М. Ашимбаев;
• Казакстан Республикасынын Парламентинин Мажилисинин Төрагасы Е. Кошанов менен.

### КОРЕЯ РЕСПУБЛИКАСЫ

**КР ЖК Төрагасы Н. Шакиевдин Корея Республикасынын Сеул шаарына расмий сапары**, 2023-жылдын 20-24-февралы.

Эки тараптуу жолугушуулар:
• Корея Республикасынын Улуттук Ассамблеясынын Төрагасы Ким Чжин Пхё;
• Корея Эл аралык кызматташтык агенттигинин президентинин (KOICA) милдетин аткаруучу Ли Юн Ёнг менен.



## ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ

**КР ЖК Төрагасы Н. Шакиевдин КМШ ПААнын Кеңешинин жыйынына жана 54-пленардык жыйынына катышуу үчүн Өзбекстан Республикасынын Самарканд шаарына иш сапары**, 2022-жылдын 26-28-октябры.

Эки тараптуу жолугушуулар:
- Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Сенатынын Төрайымы Т. Нарбаева;
- Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруу палатасынын Төрагасы Н. Исмоилов;
- Казакстан Республикасынын Парламентинин Сенатынын Төрагасы М. Ашимбаев;
- Евразия экономикалык биримдигине катышуучу-мамлекеттердин парламент башчылары (Армения Республикасынын, Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Россия Федерациясынын парламенттеринин төрагалары) менен.

## РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ

**КР ЖК Төрагасы Н. Шакиевдин Россия Федерациясынын Москва шаарында болгон ЖККУнун Парламенттик Ассамблеясынын Кеңешинин жыйынына жана 15-пленардык жыйынына катышуу үчүн иш сапары**, 2022-жылдын 4-5-декабры.

**КР ЖК Төрагасы Н. Шакиевдин КМШ ПААнын Кеңешинин жыйынына жана 55-пленардык жыйынына катышуу үчүн Санкт-Петербург шаарына иш сапары**, 2023-жылдын 13-15-апрели.

Эки тараптуу жолугушуулар:
- Казакстан Республикасынын Парламентинин Сенатынын Төрагасы М. Ашимбаев менен.

## АЗЕРБАЙЖАН РЕСПУБЛИКАСЫ

**КР ЖК Төрагасы Н. Шакиевдин Улуттук лидер Гейдар Алиевдин 100 жылдык маарекесине арналган Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин атайын жыйынына катышуу үчүн Азербайжан Республикасынын Баку шаарына болгон иш сапары**, 2023-жылдын 15-16-майы.

## ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ

**КР ЖК Төрагасы Н. Шакиевдин Түрк мамлекеттеринин Парламенттик ассамблеясынын (ТүркПА) XII пленардык жыйынына катышуу үчүн Түркия Республикасынын Анкара шаарына иш сапары**, 2023-жылдын 26-29-апрели.




## БЕЛАРУСЬ РЕСПУБЛИКАСЫ

**КР ЖК Төрагасы Н. Шакиевдин Жамааттык коопсуздук келишим уюмунун Парламенттик Ассамблеясынын кезектеги жыйынына катышуу үчүн Беларусь Республикасынын Минск шаарына иш сапары**, 2023-жылдын 17-18-майы.

Эки тараптуу жолугушуулар:
- ЖККУ ПАнын мүчөлөрү (парламенттердин төрагалары) менен биргеликте Беларусь Республикасынын Президенти А. Лукашенко менен.

## КАЗАКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫ

**КР ЖК Төрагасы Н. Шакиевдин Борбордук Азия мамлекеттеринин Биринчи парламенттер аралык форумуна катышуу үчүн Казакстан Республикасынын Түркстан шаарына иш сапары**, 2023-жылдын 9-10-февралы.

Эки тараптуу жолугушуулар:
- Казакстан Республикасынын Парламентинин Сенатынын Төрагасы М. Ашимбаев менен.

**228**
аккредитацияланган журналист

**15**
телекөрсөтүү

**33**
маалымат агенттиги

**1**
Радио

**9**
басма сөз каражаттары

**8**
чет өлкөлүк ЖМКлар

**Жогорку Кеңештин телерадиоберүүлөрүн чыгаруу**

- «Күн тартибинде»
- «Парламент»
- комитеттердин жыйыны айкын убакыт режиминде
- ЖК жыйыны айкын убакыт режиминде

«Фракциялар радио эфирде»

«Комитеттер радио эфирде»

«Күн тартибинде»

«Парламент»

ЖК жыйындары айкын убакыт режиминде

ТК
КТРК
ЭлТР
Пирамида

90,2 - 107,7 FM

Депутаттардын басма сөз конференциялары: 2

ЖКнын пресс-релиздери: 4900дан ашуун



## ЖОГОРКУ КЕҢЕШКЕ ЭКСКУРСИЯЛАР



Бардык келген адамдар

7023

2235
студент

3933
мектеп окуучусу

775
ЖӨБ депутаттары


80
башка экскурсанттар

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН САЙТЫ

1 100 000
web-сайтты кароолордун саны

250 000
web-сайтка киргендердин саны

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШ СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДА



@jogorkukenesh — 16 450 жазылгандар

Жогорку Кеңеш — 62 200 жазылгандар

@kenesh_kg — 495 жазылгандар

Жогорку Кеңеш — 33 515 жазылгандар

@zhogorkukenesh — 1 350 жазылгандар

**Жогорку Кеңештин**
**VII чакырылышынын**
**2-сессия мезгилиндеги**
**иши жөнүндө отчетун даярдоо боюнча**
**жумушчу топ**

| | |
|---|---|
| **Алымбаев А.А.** | – Жогорку Кеңештин Аппарат Жетекчисинин биринчи орун басары, жумушчу топтун жетекчиси |
| **Такенов Б.Т.** | – Парламентти жана демократияны өнүктүрүү борборунун директору, жумушчу топтун жетекчисинин орун басары |
| **Койчубакова А.К.** | – ЧУА иштеп чыгуу, чыгаруу жана кабыл алынган чечимдерди контролдоо бөлүмүнүн башчысы |
| **Ибраимов А.Ж.** | – Котормо, редакциялоо жана лингвистикалык кызмат бөлүмүнүн сектор башчысы |
| **Орозобек уулу М.** | – Юридикалык бөлүмдүн сектор башчысы |
| **Нурматов М.М.** | – Экспертизаларды жүргүзүү бөлүмүнүн эксперти |
| **Коновалов Н.И.** | – Графикалык дизайнер |

Отчет Кыргыз Республикасындагы
БУУӨПтүн колдоосу менен
даярдалды.

Бул басылмада берилген ойлор
Бириккен улуттар уюмунун,
Бириккен улуттар уюмунун
Өнүктүрүү программасынын, анын
программа/долбоорлорунун же
өкмөттөрдүн көз-караштарын
чагылдырууга тийиш эмес.
Колдонулган белгилөөлөр
кандайдыр бир өлкөнүн,
территориянын же аймактын же
алардын чек-араларынын укуктук
статусуна тиешелүү көз-караштарды
чагылдырбайт.

